

# ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАН БАЛДАР МЕНЕН АЯЛДАРДЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮН ЭТИКАЛЫК ЧАГЫЛДЫРУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО

журналисттерден журналисттерге

Бул колдонмо Кыргызстандагы "Теңдик нуру" глобалдык демилгесинин алкагында ЮНИСЕФ жана "Бишкектик феминисттик демилгелер" коомдук бирикмесинин колдоосу менен, "Медиа Формат" коомдук бирикмеси тарабынан иштелип чыккан. Бул аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту токтотуу боюнча Европа Биримдиги менен БУУнун биргелешкен демилгеси.

Бул колдонмодо айтылган көз караштар БУУнун, ЕБнин же "Теңдик нуру"глобалдык демилгесинин пикирлерин чагылдырбайт. Колдонулган белгилер кандайдыр бир өлкөнүн, аймактын, райондун же анын чек араларынын укуктук статусуна тиешелүү кандайдыр бир ойду билдирбейт.

# АННОТАЦИЯ

Кыргызстанда журналистика коомдук турмуштун дээрлик бардык тармактарын камтыйт, бирок анын басымы жана көңүл буруусу ал иштеген чөйрөгө жараша өзгөрүп турат. Баарына бирдей эмес көңүл бурулган төрт негизги багытты бөлүп көрсөк болот: алар экономикалык, социалдык, саясий жана руханий-нравалык багыттар.

Бул багыттар журналистиканын объектиси болуп саналат жана ишмердүүлүктүн айрым түрлөрү жана коомдук мамилелердин формалары менен мүнөздөлөт. Аталган тармактардын ар бириндеги окуяларды чагылдыруу үчүн журналисттерге журналисттик материалдарды жасоого мүмкүндүк берүүчү белгилүү бир жалпы маданий жана кесиптик билим керек. Бирок, эң негизгиси, журналисттер өздөрү чагылдыра турган теманы терең түшүнүүсү талап кылынат.

Бул биринчи кезекте коом ичиндеги мамилелерге жана коомдук карым-катышты жөнгө салуу жана социалдык кепилдиктерди камсыз кылуу боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын иш-аракеттерине негизделген социалдык чөйрөгө тиешелүү. Зордук-зомбулук фактыларын чагылдырууда журналисттин жоопкерчилиги бир нече эсе жогорулайт.

Зордук-зомбулуксуз жашоо укугу Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана эл аралык мыйзам ченемдери аркылуу бекемделген. Бирок, тилекке каршы, өлкөдө зомбулук күчөп, ырайымсыз мүнөзгө өтүп бараткандыгын абалды талдоо көрсөтүп турат. Улуттук статистикалык комитеттин “Кыргызстанды туруктуу өнүктүрүүнүн максаттары жана гендер1” баяндамасына ылайык, 2010-жылга салыштырмалуу 2021-жылы үй-бүлөдөгү зомбулуктан жабыркагандардын саны 5,1 эсеге өскөн. Мындай өсүш 2017-жылы убактылуу коргоо ордерин киргизүү боюнча көрүлгөн чаралар, анын ичинде ички иштер органдарынын үй-бүлөлүк зомбулук боюнча келип түшкөн даттанууларга чара көрүү милдетин кеңейтүү менен шартталган. Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылгандардын 95,0% аялдар, 3% жаш балдар жана өспүрүмдөр.

Кыргызстандын коомчулугу үчүн зордук-зомбулук проблемасынын маанилүү экендигине карабастан, «Медиа Формат» коомдук бирикмеси тарабынан бул модулду даярдоодогу ЖМК контентин талдоосу, жарык көргөн материалдардын жалпы санынын болгону 1,3% бул темага арналганын көрсөттү. Талдоого алынган материалдар негизинен мамлекеттик органдардын кыска билдирүүлөрү болуп саналат, дээрлик бардык материалдар милициянын жыйынды кабары же отчету катары маалыматтык мүнөзгө ээ.

Зомбулук проблемасын чагылдырууда төмөнкүдөй маанилүү жагдайлар көп учурда эске алынбай калат:

- Мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана өкүлдөрдүн ролу жана аракеттери.
- Зомбулуктун алдын алуу боюнча чаралар.
- Зомбулуктан жабыркагандарды коргоо механизмдери.
- Зомбулуктун себептерин изилдөө.
- Зомбулуктан жабыр тарткандарды андан ары реабилитациялоо боюнча программалар жана чаралар.
- Бул проблеманын башка маанилүү жагдайларын жана абалды жалпылоочу статистикалык маалыматтар.

Жалпыга маалымдоо каражаттары мамлекет жана жарандык коом менен бирге гендердик зомбулуктун жана балдарга карата зордук-зомбулуктун алдын алууда жана жоюуда маанилүү роль ойной алат. Журналисттер баяндоону багыттоодо жана калыптандырууда бийликке ээ, маалыматтык тонду жана коомдук пикирди аныктай алышат, ошондой эле окуяларды этикалуу жана жоопкерчилик менен чагылдырууда жоопкерчиликтүү болушат.

Бул колдонмо журналисттерге гендердик сезимтал маалыматты чогултуу жана аны ЖМКда жарыялоого ылайыктап жана этикалык ыкмаларды иштеп чыгууга жардам берүүгө арналган. Ошондой эле зомбулуктан жабыр тарткандарга карата журналисттик этика принциптеринин сакталышына көмөк көрсөтүүгө багытталган.

Башкы максат – журналисттердин журналисттик этиканын стандарттарын жана эл аралык уюмдардын сунуштарын эске алуу менен, балдарга жана аялдарга карата зомбулук темасында медиа продукцияларды түзүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү.

Журналисттин негизги коомдук милдеттеринин чөйрөсү катары кесиптик ишмердүүлүктү чагылдырган түшүнүктөрдүн тутуму каралат. Колдонмо зомбулуктун түрлөрү жөнүндө айтып берет, зомбулуктун запкысын тарткандар менен маектешүүлөрдү туура жүргүзүүгө жана зомбулук темасы боюнча материалдарды, анын ичинде алар боюнча көрсөтүүнү даярдоого да үйрөтөт.

Колдонмо буларга жардам берүүгө багытталган:

- зомбулукту чагылдыруудагы билимди жана түшүнүктү калыптандыруу, зомбулукту жеңүүдө журналистиканын ролу жана орду;
- азыркы коомдогу стереотиптерди, туура эмес пикирлерди жана дискриминацияны таанып билүүгө,
- ЖМКнын коомдук пикирди калыптандырууга таасир этүүчү, зомбулук көйгөйү жана ага каршы күрөшүү боюнча коомчулуктун маалымат алуусун жогорулатуу үчүн тийиштүү шарттарды түзүүчү субъект катары жоопкерчилигин түшүнүүгө;
- маалыматты стереотиптер боюнча кантип талдоо, жабырлануучулардан алардын укуктарына жана коопсуздугуна зыян келтирбестен туура маек алуу, гендердик тең салмактуу тексттерди кандай даярдоо боюнча билимге ээ болууга.

# ТЕМАЛАР


**1-ТЕМА** Зомбулук деген эмне, анын түрлөрү

**2-ТЕМА** Гендердик зомбулук деген эмне? Себептери жана натыйжалары

**3-ТЕМА** Балдардын укуктары, балдарга карата зомбулук

**4-ТЕМА** Кыргызстандагы үй-бүлөлүк жана сексуалдык зордук-зомбулук фактылары боюнча мамлекеттик жана кылмыш жоопкерчилиги

**5-ТЕМА** Аялдарга жана балдарга карата зомбулукту чагылдыруудагы гендердик сезимтал мамиле деген эмне?

**6-ТЕМА** Зомбулук темасын чагылдырууда эмнени эске алуу керек

**7-ТЕМА** Балдарга карата зомбулукту чагылдырууда жетекчиликке алуучу негизги принциптер

**8-ТЕМА** Гендердик зомбулукту чагылдырууда жетекчиликке алына турган принциптер

**9-ТЕМА** Зомбулуктан запкы чеккендер менен кантип сүйлөшүү жана зомбулук жөнүндө материалдарды кандайча көрсөтүү керек

# 1-ТЕМА: ЗОМБУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ, АНЫН ТҮРЛӨРҮ

Зомбулук коомдук илимдердеги эң бир татаал концепциялардын бири болуп эсептелет. Ал көбүнчө физикалык күч колдонуу же күч колдонуу коркунучу катары аныкталат, ал жараат алууга, зыянга учуроого, ал тургай өлүмгө алып келиши мүмкүн.

Гендердик зомбулук (ГЗ) термини эркектер менен аялдардын ортосундагы социалдык мүнөздөгү/гендердик айырмачылыктардын негизинде кандай гана адамга болбосун каршы жасалган жана зыян келтирүүчү ар кандай актыны сүрөттөө үчүн колдонулат. Буга физикалык, сексуалдык, психикалык зыян же азап чектирүү, же мындай аракеттерди жасайм деп коркутуу, ошондой эле эркиндиктен ажыратуунун башка түрлөрү кирет.

Зомбулук ар кандай формада, анын ичинде физикалык, оозеки жана психологиялык зомбулук болушу мүмкүн. Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (БДССУ) зомбулукту "өзүнө, башка адамга, адамдардын тобуна же коомчулукка каршы багытталган физикалык күчтү же бийликти иш жүзүндө же коркутуу формасында алдын ала колдонуу, бул физикалык зыян келтирүүгө, өлүмгө, психологиялык жабырланууга, өсүүнүн бузулушуна же зыян тартуунун ар кандай түрлөрүнө алып келүүчү же балким алып келе турган кесепеттер" катары аныктайт. Бул иш-аракеттердин атайы жасалган мүнөзүн, ошондой эле бийлик жана баш ийүү динамикасын баса белгилеген кеңири спектрдеги аныктама.

ЮНИСЕФ[1] гендердик зомбулукка физикалык, сексуалдык, психикалык жактан зыян келтирүү же азап чектирүү же ушундай аракеттер менен коркутуу, ошондой эле эркиндигинен ажыратуунун башка формаларын киргизет, анын ичинде:

- физикалык зомбулук, ага чабуу, жаакка чабуу, уруп-сабоо, силкилдетүү, түртүү, тиштөө, чачынан сүйрөө, күйгүзүү, кыйноолор, муунтуу, кескилөө, атуу жана башка аракеттер кирет;
- эмоционалдык зомбулук - кемсинткен же ар-намысты басмырлаган мамиле, мазактоо, тынымсыз шылдыңдоо, басынтуу, дайыма сындоо, аңдууга алуу, тийишүү, каалабаган байланыш, жалгыздатып камоо же такыр бөлүп салуу, коркутуу же физикалык жок кылуу менен коркутуу. Зомбулуктун бул түрү адамдын керт башына дайыма асылууну, ошондой эле психикалык же эмоционалдык зыян келтирүүнү камтыйт.

1 https://www.unicef.org/serbia/sites/unicef.org.serbia/files/2022-11/10%20GBV%20RUS.pdf

- сексуалдык зордук-зомбулук - адам муну аңдап билип-билбегенине карабастан, анын макулдугусуз сексуалдык иш-аракеттерди жасоого мажбурлоо, анын ичинде денесине кол салуу, денесине кол салбаган аракеттер, ал тургай кээде физикалык байланышы жок аракеттер;
- мажбурлап никеге туруу - бир же эки тарап тең никеге туруугa өздөрүнүн толук жана эркин макулдугун жеке өздөрү билдирбеген нике. Жашы жете электердин никеси - бул тараптардын жок дегенде бирөө 18 жашка чыга электе кыйылган нике.

Ошол эле учурда зомбулуктун башка түрлөрү да болушу мүмкүн, мисалы, билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу жана билимге, саламаттыкты сактоого жана экономикалык ресурстарга жетүү мүмкүнчүлүк бербөө, иштөө же акчаны башкаруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу, сексуалдык мүнөздөгү ж.б. пикирлерин билдирүү.

Зомбулук жөнүндө кеңири түшүнүк өзүнө анын түз формаларын гана эмес, кыйыр жана түзүмдүк аспектилерин да камтыйт.

Түзүмдүк же институционалдык зомбулук адилетсиз социалдык жана экономикалык тутумдардан келип чыгат жана системалуу жакырчылык, басмырлоо жана жетишпестиктердин башка формаларында чагылдырылат.

Европа Кеңеши зомбулуктун ченемдерин төмөнкүдөй классификациялайт:

- түздөн-түз зомбулук - физикалык же жүрүм-турумдук зомбулук: согуштар, үй-бүлөлүк зомбулук, кыйноо, шылдыңдоо, бөлүп салуу;
- түзүмдүк зомбулук - негизги ресурстардан ажыратуу, жакырчылык, укуктарга жетүүнүн жоктугу; калктын каралбаган, макул эмес катмарын коркутуп, кемсинткен жана кул катары көз карандылыкка алып келүү;
- маданият аркылуу зордук-зомбулук - сексизм, этноцентризм, расизм, колониялык идеологиялар түрүндөгү зомбулук, адам жашоосунун өзгөчөлөнгөн формаларын басмырлоо жана кыйратуу, нравалык обочолонтуунун башка формалары менен агрессияны, үстөмдүк кылууну, теңсиздикти жана баскынчылыкты актаган башка формалар.

## ЗОМБУЛУКТУН ПАЙДА БОЛУУСУНУН СЕБЕПТЕРИ

**Зомбулук** - бул түрдүү факторлордун жана шарттардын таасири астында болгон татаал көп катмарлуу процесс. Аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун пайда болуусунда бийлик динамикасы татаал жана көп кырдуу. Бул контекстте бийлик өзүн башкаруунун жана эзүүнүн бир каражаты катары көрсөтө алат. Мына, зомбулуктун пайда болуусундагы бийлик динамикасынын айрым аспектилери:

1. Патриархалдык бийлик: Патриархалдык коомдо аялдарга караганда көп учурда эркектердин социалдык - маданий статусу жана бийлиги жогору турат. Патриархалдуулук эркектер аялдарды жана балдарды көзөмөлдөө үчүн өз күчүн колдоно турган түзүмдөрдү түзөт. Бул үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун динамикасына таасирин тийгизет
2. Экономикалык бийлик: Үй-бүлөдөгү зомбулуктун абалынан алганда, каржыны жана экономикалык көз карандылыкты көзөмөлдөө, зордукчу тарабынан аялдарды жана балдарды кысымга алуучу бийликтин бир түрү болушу мүмкүн. Буга ресурстарды жана өз алдынча болуу мүмкүнчүлүктөрүн чектөө кирет.

3. Сексуалдык бийлик: Көп учурда мамилелерде сексуалдык зордук-зомбулук жана күчкө салып асылуу бийликтин жана көзөмөлдүн бир түрү болуп саналат. Бул учурда зордукчу жабырлануучуга үстөмдүк кылуу жана басынтуу үчүн сексуалдык аракеттерди колдонот.
4. Жекече бийлик жана көзөмөл: Кээ бир зордукчулар аялдардын жана балдардын үстүнөн жеке бийлик жүргүзүү үчүн коркутууларды, зомбулукту жана манипуляцияны колдонушу мүмкүн. Бул психологиялык жана эмоционалдык зомбулукту камтышы ыктымал.
5. Системалуу факторлор: Мыйзам чыгаруу, укук коргоо органдары жана социалдык институттар сыяктуу тутумдашкан түзүмдөр да бийликтин жана зомбулуктун динамикасына таасир этиши мүмкүн. Мыйзамдын жетишсиз көңүл бурушу жана жабырлануучулардын жеткиликтүү корголбой жатканы да зомбулукка алып келиши мүмкүн.

Аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун бийлик динамикасы көйгөйдү түшүнүү жана жабырлануучуларга карата алдын алуу жана коргоо боюнча натыйжалуу стратегияларды иштеп чыгуу үчүн абдан маанилүү. Мамилелердеги бийлик жана көзөмөл контекстке жана жеке факторлорго жараша өзгөрүшү мүмкүн экенин эске алуу маанилүү.

## СЕКСИЗМ, МИЗОГИНИЯ ЖАНА ПАТРИАРХАЛДЫК МАМИЛЕЛЕР

Аялдарга карата зомбулуктун калыптанышында жана күчөшүндө сексизм (жактырбоочулук), мизогиния (жек көрүүчүлүк) жана патриархалдык мамилелер чоң роль ойнойт. Төмөндө бул факторлордун аныктамалары жана таасирлери келтирилген:

**Сексизм** - жыныстар ортосундагы дискриминацияга жана теңсиздикке алып келген гендерге негизделген ишенимдердин, тажрыйбалардын жана ченемдердин тутуму. Сексизм ар кандай формада болушу мүмкүн, анын ичинде гендердик стереотиптерден, бирдей эмес эмгек акыдан, саясатта жана бизнесте аялдардын аз болушунан да көрүнөт. Бул көбүнчө аялдар зомбулук алдында алсыз боло турган контекстти түзөт.

**Мизогиния** - бул аялдардын баалуулугу эркектерден төмөн деген ишенимдин негизинде жек көрүү, жаман көрүү жана басмырлоо. Мизогиния кемсинткен сөздөр, аялдар жөнүндө универсалдуу стереотиптер, ал тургай зомбулук түрүндө да көрүнүшү мүмкүн. Мизогиния мамилелерде зомбулукка өбөлгө түзүп, анын маданий толеранттуу болушуна көмөктөшөт.

**Патриархалдык мамилелер** - бул социалдык жана маданий ченемдер, ага ылайык эркектер үстөмдүк кылуу менен көбүрөөк укуктарга, анын ичинде чечимдерди кабыл алууга, ал эми аялдар баш ийүүчү деп эсептелинет. Патриархалдык мамилелер аялдар менен балдар зомбулуктун курмандыгы болуп калышы мүмкүн болгон теңсиз гендердик мамилелерди калыптандырат.

Бул факторлор аялдардын жана балдардын зомбулукка алсыздыгын жогорулатуу үчүн биригип, өз ара аракеттениши мүмкүн. Сексизм, мизогиния жана патриархалдык мамилелер зомбулукка жол берүүчү же жазаланбай турган ченемдерди жана түзүмдөрдү калыптандыруу аркылуу зомбулукту колдойт жана ага жол ачат.

Аялдарга жана балдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү бул маданий жана социалдык факторлорду өзгөртүү боюнча иштерди да камтыйт.

# 2-ТЕМА.
# ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ? СЕБЕПТЕРИ ЖАНА НАТЫЙЖАЛАРЫ

Гендердик зомбулук адам укуктарынын олуттуу бузулушу жана адамдын өмүрүнө, ден соолугуна жана коопсуздугуна коркунуч келтирет.

Аял, кыз, эркек же бала болобу, ким экенине карабастан жыныстык же гендердик таандыктуулугунан улам гана зомбулуктун курмандыгы болушу мүмкүн болсо да, аялдар менен кыздар өзгөчө коркунучта.

Болжол менен үч аялдын бири өмүрүндө сексуалдык же физикалык зомбулукка кабылат. Гендердик зомбулук ар кандай формалардан, анын ичинде физикалык, сексуалдык, психологиялык жана экономикалык зомбулуктан, ошондой эле зыяндуу салттуу иштерден да турушу мүмкүн.

Аялдарга карата зомбулукту алардын адам укуктарынын бузулушу катары түшүнүү маанилүү концептуалдык өзгөрүүнү билдирет. Бул аялдардын зомбулукка туш келүүсү кокусунан болбосун жана дайыма физикалык жактан алсыздыгы үчүн дуушар болбостугун моюнга алуу дегенди билдирет. Зомбулук – бул системалуу жана терең тамыр жайган дискриминациянын натыйжасы болуп эсептелет, аны мамлекеттик деңгээлде чечиш керек. Аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана жеңүү үчүн, гендердик стереотиптерге каршы күрөштү камтыган укуктук, административдик жана институционалдык чараларды көрүү жана реформаларды жүргүзүү зарыл.

Гендердик зомбулук коомдук жана жеке жашоонун шарттарында пайда болгон сексуалдык, физикалык, психологиялык жана экономикалык зомбулукту камтышы мүмкүн. Ал ошондой эле зомбулуктун, мажбурлоонун жана манипуляциялоо коркунучун камтыйт. Зомбулук ар кандай, мисалы, интимдик өнөктөшкө жасалган зомбулук, сексуалдык зордук-зомбулук, жашы жете электе никеге тургузуу, аялдарды сүннөткө отургузуу жана “ар-намыс кылмыштары” аталган формаларда болушу мүмкүн.

Аялдарды зомбулуктан коргоо БУУнун төмөнкү документтеринде бекитилген:

- Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жок кылуу жөнүндө конвенция.
- Аялдарга карата зомбулукту жоюу боюнча декларация.
- Пекин декларациясы жана аракеттенүү платформасы.
- Жумуш чөйрөсүндөгү зомбулукту жана асылууларды жок кылуу боюнча конвенция.

- *Кылмыштын жана кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануунун курмандыктары үчүн сот адилеттигинин негизги принциптеринин декларациясы.

** Өзгөчөлөнгөн гендердик басым жок*

Ошондой эле улуттук мыйзамдар.

## САЯСАТТАГЫ АЯЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУК

Аялдардын чечимдерди кабыл алуу процессине бирдей катышуусу гендердик теңсиздикти жоюунун маанилүү факторлорунун бири жана Туруктуу Өнүгүүнүн №5 Максатына жетишүүнүн көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат.

Саясатта аялдарга карата зомбулук аялдардын саясий ишмердүүлүккө катышуусуна жана гендердик теңчиликке жетишүүгө жол бербөөчү зомбулуктун жана дискриминациянын бир түрү болуп саналат. Бул саясатчы аялдарга, активисттерге, журналисттерге жана башка саясатка катышуучуларга багытталышы ыктымал болгон физикалык, психологиялык, оозеки жана онлайн зомбулуктун ар кандай түрлөрүн камтыйт.

Саясаттагы зомбулук аялдардын саясатка катышуусуна тоскоол болушу мүмкүн, алардын беделине шек келтирип, алардын коопсуздугуна коркунуч жаратып жана саясаттагы гендердик теңсиздикке салым кошот.

Саясаттагы аялдарга карата зомбулук менен күрөшүү мыйзамдык өзгөртүүлөр, билим берүү программалары, зомбулуктун курмандыктарына колдоо көрсөтүү жана аялдардын саясий турмушка катышуусу үчүн коопсуз шарттарды түзүү сыяктуу түрдүү чараларды камтыйт. Бул маселе эл аралык деңгээлде да активдүү талкууланып келет, саясаттагы жана жалпы эле аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүүгө багытталган көптөгөн демилгелер жана документтер бар.

Медиа продукцияларды түзүү процессине кесипкөй катышкан адамдар активисттерге, журналисттерге жана чечим кабыл алуучу аялдарга жөнү жок асылуулар, объективация жана ачык же пассивдүү агрессиянын ар кандай көрүнүштөрү да гендердик зомбулук экенин эстен чыгарбашы керек, анткени көпчүлүк учурларда зордукчулар сындаганда жабырлануучулардын гендер/жынысына шылташат. Мисалы, чечимди эркектер гана кабыл алышы керек, же болбосо 2020-жылдын 8-мартындагы жөө жүрүш учурунда кармалган аялдардын окуясында аялдар үй тиричилигин гана тейлеши керек деп көрсөтүшөт.

Төмөндө аялдардын тилектештик маршынын катышуучуларын ИИМ бөлүмүндө кандай коркутушкандыгы боюнча Медиазонанын материалынан цитата келтирилген (материалга шилтеме төмөндө):

«Бир убакта бул милиционерлердин жанында өзүмдү ушунчалык жагымсыз сездим, Евгения экөөбүзгө  эле алар үчөө болчу. Алардын бири кол көтөрүп, Евгениянын билегинен бекем кармап, биз аялдар кандай «жагымсыз» экенибизди, бул жашоодо эмне кылышыбыз керек экенин, бул жашоодогу «милдеттерибиз» жөнүндө айтып турду».

2022-жылдын январында “Социалдык технологиялар агенттиги” - жергиликтүү гендердик уюм “Кыргыз Республикасындагы[2] саясатта аялдарга карата зомбулук” боюнча изилдөө жөнүндө отчетун жарыялаган. Анда сурамжылоого катышкан саясат-

2 https://www.osce.org/files/f/documents/8/9/519387.pdf

чы аялдардын канчасы өздөрүнүн саясий активдүүлүгүнө байланыштуу зомбулукка кабылышкандыгы боюнча маалыматтар келтирилген.

Изилдөөгө ылайык, сурамжылоого катышкан аялдардын 97% саясий ишмердүүлүгүнө байланыштуу сексуалдык асылууга күбө болгондугун же өздөрү дуушар болгонун белгилешкен.

Бул суроого жооп берген аялдар асылуулардын кайталанган эпизоддорун биле тургандыгын белгилешти. Ошондой эле, мындай аракеттер ким тарабынан болгон деген суроого жооптордун арасынан респонденттер «партиялаштар тарабынан» деген вариантты белгилешкен.

Бул саясий активдүү аялдар кабылган зомбулуктун бир түрү гана. Бирок стигматизациянын жогорку деңгээлинен жана аялдардын укуктарына байланышкан темаларды талкуулоого тыюу болгондуктан, кеңири таралган жана көп учурда айтылбай калган зомбулуктун башка түрлөрү да бар.

Аял саясатчылар кабылган зомбулуктарды үч категорияга бөлүүгө болот:

**Түзүмдүк зомбулук:**

- партияларда милдеттерди бөлүштүрүү жана аялдардын эмгегин эксплуатациялоо;
- саясий партиялардагы кызматтардын бирдей эмес бөлүштүрүлүшү жана аялдардын жогорку партиялык же мамлекеттик кызматтарга көтөрүлүшүнө тоскоолдуктар;
- аялдардын мандаттары менен соодалашуу;
- аялдарды партиялардан четтетүү жана чыгаруу.

**Маданий зомбулук:**

- Аялдарга карата түз жекече зомбулукта гендердик стереотиптерди, сексизмди, мизогинияны колдонуу;
- ЖМКда зомбулукка алып келген саясий дискурстарды көбөйтүү, сексизм жана аялдарды жек көрүү маданиятын жайылтуу.

**Түздөн-түз зомбулук:**

- Психологиялык зомбулук;
- Сексуалдык асылуу;
- Физикалык зомбулук;
- Куугунтуктоо;
- Санариптик зомбулук.

Аялдардын саясий катышуусу өтө маанилүү, анткени чечим кабыл алууда аялдардын өкүлдөрү болмоюнча гендердик теңчиликке жана адам укуктарын коргоого жетишүү мүмкүн эмес. Саясий активдүү аялдар көпчүлүк учурда гендердик теңчиликти жана аялуу топторду коргогон мыйзамдарды жана ченемдерди илгерилетүүгө жардам беришет.

## АЯЛДАРГА КАРАТА ЭМГЕК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЗОМБУЛУК

Эл аралык Эмгек уюмунун терминологиясына ылайык, эмгек дүйнөсүндөгү “зомбулук жана асылуу”[3] термини жүрүм-турумдун жана практиканын бир катар кабыл алынгыс формаларын, же ушундай коркунучтарды билдирет – мейли, ал бир жолку же кайра кайталанган окуя болсун, алардын максаты, жыйынтыгы же мүмкүн болчу натыйжасы физикалык, психологиялык, сексуалдык же экономикалык зыян келтирүү болуп эсептелет.

«Гендердик зомбулук жана асылуу» термини жеке адамдарга алардын жынысына же гендердик таандыктыгына байланыштуу багытталган, же белгилүү бир жыныстагы же гендердик таандыктагы адамдарга тең эмес таасир этүүчү зомбулукту жана асылууну билдирет жана сексуалдык асылууну камтыйт.

ЭЭУнун эмгек дүйнөсүндөгү зомбулук жана асылуу боюнча биринчи глобалдык изилдөөсү, дээрлик ар бир бешинчи жалданып иштеген адам зомбулуктун жана асылуунун кандайдыр бир түрүн башынан өткөрөрүн көрсөттү.

3 https://www.ilo.org/moscow/news/WCMS_806985/lang--ru/index.htm

# 3-ТЕМА.
# БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ, БАЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУК

Балага карата зомбулук же катаал мамиле ата-эне, камкорчу же башка адам тарабынан балага карата ырайымсыз мамиле кылуу менен тоготпостуктун бардык түрлөрүн камтыйт; жоопкерчиликтүү мамиле жасоо, ишеним же бийликтин контекстинде баланын ден соолугуна, аман калуусуна, өнүгүшүнө же ар-намысына иш жүзүндө зыян келтире турган же алып келе турган физикалык жана/же эмоционалдык зомбулуктун жана ырайымсыз мамиленин бардык формалары, сексуалдык зомбулук, кароосуз калтыруу, тоготпоо, балдарды сатуу же эксплуатациялоонун башка түрлөрү кирет.

1. физикалык зомбулук,
2. сексуалдык зомбулук,
3. эмоционалдык (психологиялык) зомбулук,
4. гендердик зомбулук,
5. траффикинг,
6. кибер-зомбулук,
7. негизги муктаждыктарына көңүл бурбоо.

**Физикалык зомбулук** — бул адамдын эркине каршы физикалык күч колдонуу менен жасалган ар кандай аракет, ошондой эле адамга физикалык азап чегүүнү алып келген аракетсиздик.

Физикалык зомбулуктун түрлөрү:

- Сабоо. Соккулар, кармап алуу, түртүү, силкүү, чабуу, токмоктоо, тепкилөө, чымчып алуу жана жаакка чабуу.
- Кыйноо. Уйку бербөө, тамак-ашты чектөө, күйгүзүү, кысымга алуу жана таштап салуу.
- Физикалык кармоо. Камап салуу, байлоо, кысуу жана муунтуу.
- Өз эркине каршы аракеттенүүгө мажбурлоо. Баңги заттарды, алкоголдук ичимдиктерди, ууландыруучу жана мас кылуучу заттарды колдонууга тартуу, никеге, диний ырым-жырым ж.б. мажбурлоо.
- Аракетсиздик. Жардам бербөө. Дары-дармекке жана медициналык жардам алуу мүмкүнчүлүгүн чектөө.

**Балдарга карата сексуалдык зордук-зомбулук көрсөтүү** – бул жашы жете элек адамдар менен жыныстык катнаш же сексуалдык мүнөздөгү аракеттер, же мындай аракеттерди жасоо аракети; макулдук бере албаган же баш тарта албаган адамдарга карата жасалган сексуалдык эксплуатациялоо максатында сатуу аракеттери; Интернетте эксплуатациялоо.

«Балдарга сексуалдык зордук-зомбулук көрсөтүү» же «балдарга карата сексуалдык зордук-зомбулук жана эксплуатациялоо» деген терминдер ар кандай шарттарда жана мамилелерде түрдүү зордук-зомбулук актыларын - бала тууганы, камкорчусу же башка адам тарабынан сексуалдык зордук-зомбулукка кабылган жагдайларды камтыйт.

Жашы жете электерге карата сексуалдык зордук-зомбулуктун түрлөрү:

- Сексуалдык асылуу,
- Жашы жете элек балдар менен сексуалдык аракеттер,
- Балдарды порнографияда эксплуатациялоо,
- Балдарды сатуу,
- Сексуалдык киберкуугунтук,
- Балдарды сойкулукка тартуу.

ЮНИСЕФтин "Балдарга карата сексуалдык зордук-зомбулукту жана эксплуатацияны токтотуу боюнча иш-аракеттер" боюнча отчетуна ылайык, балдарга карата сексуалдык зордук-зомбулук гендердик мүнөздө болот, кылмышкерлердин болжол менен 90% эркектер, ал эми кыздар адатта сексуалдык зордук-зомбулукка балдарга караганда 2-3 эсе көп кабыла тургандыгын айтышат.

**Эмоционалдык зомбулук** - бул физикалык эмес басмырлоо, кемсинтүүчү жана адамдыгын жокко чыгаруучу жүрүм-турумдун бир түрү, анын максаты жабырлануучуну, анын болуп жаткан окуяларды кабылдоосу менен жашоо образын көзөмөлгө алуу.

Эмоционалдык зомбулук – бул өз барк-баасынын төмөндөшүнө, өзүнө болгон ишенимдин жоголушуна, мүнөздүн патологиялык белгилеринин калыптанып социалдашуунун бузулушуна алып келген кастык же кайдыгер мамиле. Эмоционалдык зомбулукка балага катуу кыйкыруу, орой жана кемсинткен мамиле, көңүл бурбоо, катуу сынга алуу, арына тийген ат коюу, шылдыңдоо, басынтуу, коркутуу, жеке буюмдарын жок кылуу, үй жаныбарын кыйноо же өлтүрүү, газлайтинг жана слатшейминг ж.б. кирет.

**Кам көрүүнүн жоктугу** — ата-эне, камкорчу же алардын ордундагы башка чоң адамдар баланын муктаждыктарына: ден соолугуна, тамактануусуна, кийимине, билимине, балдар менен аралашуусуна ж.б. көңүл бурбагандыктан, анын ден соолугуна, коопсуздугуна жана тынч жашоосуна жаралган коркунуч да, балага зомбулук көрсөтүүнүн бир түрү болот. Кам көрүүнүн жоктугуна баланын дайыма мектепке барбаганы, кайырчылык кылуусу, акча же тамак-аш уурдоосу, жуунбай жүрүшү жана кийиминин кир болушу, сезондук кийимдердин жоктугу кирет.

Учурда балдарга зомбулук жасоо эл аралык деңгээлде айыпталууда. БУУнун мүчөлөрү болгон мамлекеттер БУУнун Балдардын укуктарын коргоо боюнча конвенциясын ратификациялоого жана баланы физикалык, психологиялык, сексуалдык зомбулуктун бардык түрлөрүнөн коргоо үчүн, ошондой эле ата-энелердин жана камкорчулардын жана алардын милдетин аткара турган башка чоң адамдардын

кайдыгер мамилесине карата бардык зарыл болгон мыйзамдык, социалдык, административдик жана агартуучулук чараларды көрүүгө милдеттенишет.

Балдардын укуктары жөнүндө конвенциянын[4] 19-беренесинде балдарга карата зомбулук маселелери каралган. Анда катышуучу өлкөлөрдүн зомбулукка тыюу салуусу үчүн тийиштүү мыйзамдарды түзүү зарылдыгы белгиленет, ошондой эле мамлекеттерден балдарды коргоо үчүн административдик, социалдык жана билим берүү чараларын көрүүнү талап кылат. Физикалык жана психологиялык зомбулуктун бардык түрлөрү 19-беренеге кирет.

Ошондой эле, балдарды зомбулуктан коргоо балдардын башка укуктарын ишке ашыруу менен тыгыз байланышта: баланын үнүнүн угулуу укугу (12-берене), аялуу абалдагы балдардын өзгөчө коргоодо болуу укугу (20-22 жана 23-беренелер), ден соолугун сактоо укугу (24-берене), зыяндуу жумуштардан коргоо укугу (32-берене), сексуалдык жана эксплуатациянын башка түрлөрүнөн эркин болуу укугу (34-35 жана 36-беренелер), кыйноодон жана ырайымсыз мамиледен коргоо укугу (32-берене).

Тилекке каршы, биздин өлкөдө балдарга карата зомбулук, анын ичинде сексуалдык зордук-зомбулукка көп учурда көңүл бурулбай, жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын активдүү катышуусу болбой жана дыкат көңүл бурулбагандыктан, жазасыз калууда.

4 https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml

# 4-ТЕМА. КЫРГЫЗСТАНДА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЖАНА СЕКСУАЛДЫК ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК ФАКТЫЛАРЫ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА КЫЛМЫШ ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Кыргыз Республикасы Борбордук Азияда биринчилерден болуп “Эркектер менен аялдардын бирдей укуктарынын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” мыйзамды (2008-ж.) жана “Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө” КР Мыйзамын кабыл алган (2003-ж.).

Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы гендердик багыттагы максаттарды, милдеттерди жана чараларды камтыйт. Стратегиялык өнүгүү максаттарынын арасында 2040-жылга карата “Кыргызстанда саясий, экономикалык жана коомдук турмушта чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде башкарууга аялдардын толук жана бирдей катышуусу камсыз кылынат (болот). Гендердик теңчиликке жетишүүгө жана аялдар менен эркектердин мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы дисбалансты жоюуга багытталган мамлекеттик программалар ишке ашырылары” аныкталган.

Ошондой эле, өлкөнүн жогорудагы стратегиялык документинде балдардын жана аялдардын абалын жакшыртуу боюнча жана аларды коргоо, кызыкчылыктарын алдыга жылдыруу, зомбулук көрсөтүү менен жашы жете электе никеге туруунун терс көрүнүштөрүн, үй-бүлөлүк зомбулуктун бардык түрлөрүн токтотуу, аялдар менен эркектердин үй-бүлөдөгү жана эмгектеги абалын жагымдуу айкалыштыруу үчүн шарттарды түзүү милдеттери коюлган; жоопкерчиликтүү ата-эне болуу принциптерин жайылтуу, эне жана ата болууну коргоо, жагымдуу тарбияга негизделген үй-бүлөлүк баалуулуктарды жана үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүн сыйлоо менен коргой билүү.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен, 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүүнүн Улуттук стратегиясы жана 2022-2024-жылдарга Улуттук иш-аракеттер планы бекитилген, анын ичинде төмөнкүдөй 5 артыкчылыктуу багыттар каралган:

- аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
- маданий саясат жана функционалдык билим берүү;
- гендердик дискриминациядан коргоо жана сот адилеттиги;
- аялдардын саясий катышуусу;
- гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча жөнгө салуу саясаты,

муну иштеп чыгууга мамлекеттик органдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, БУУнун Аялдар уюмунун жана БУУнун башка агенттиктеринин өкүлдөрү катышты.

Ошол эле учурда аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун кеңири таралган түрлөрү болуп үй-бүлөлүк зомбулук, ошондой эле жашы жете электе никеге тургузуу жана никеге туруу үчүн зомбулук көрсөтүү менен ала качуу сыяктуу зыяндуу адаттар саналат. Кыргызстанда зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин ишин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлиги эсептелет. Ошондой эле, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону камсыз кылган 17 субъект мыйзамдуу түрдө аныкталган, аларга төмөнкүлөр кирет:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети;
2. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча субъекттердин ишин координациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
3. сот;
4. прокуратура;
5. ички иштер органдары;
6. социалдык өнүктүрүү органдары;
7. саламаттыкты сактоо органдары;
8. билим берүү органдары;
9. юстиция органдары;
10. балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
11. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени);
12. адвокатура;
13. жергиликтүү мамлекеттик администрациялар;
14. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;
15. аксакалдар соту;
16. жалпыга маалымдоо каражаттары;
17. өз компетенциясынын чегиндеги башка уюмдар.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети зомбулук фактыларынын алдын алуунун жана жоюунун механизмдерин жана процесстерин аныктоочу төмөнкү документтерди бекитти:

- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо менен коргоону камсыз кылуучу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүү тартиби;
- Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам көрсөтүү тартиби;
- Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүүнүн типтүү түзөтүү программасы.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам көрсөтүүнүн тартибине ылайык мамлекет укуктук, социалдык, медициналык жана психологиялык жардам көрсөтөт. Жабырлануучулар аймактык ички иштер органдарына, социалдык өнүктүрүү, жергиликтүү бийликтин, саламаттыкты сактоо органдарына жана аялдарга жардам көрсөткөн кризистик борборлорго кайрыла алышат. Зомбулуктан запкы тарткан балдар турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарга кирет. Турмуштук оор кырдаалдагы балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоонун тартиби жөнүндө жободо төмөнкүлөр аныкталат:

«...социалдык кооптуу абалда калган бала - бул балдарды тарбиялоо, окутуу жана/же аларды багуу боюнча өз милдеттерин аткарбаган жана/же алардын жүрүм-турумуна терс таасирин тийгизген же балага ырайымсыз мамиле жасаган жана антисоциалдык жашоодогу ата-эненин (аларды алмаштырган адамдардын) баласы;

баланын муктаждыктарына кайдыгер мамиле кылуу - баланын тамак-ашка, кийим-кечеге, турак-жайга, тарбиялоого, окууга, медициналык жардамга болгон негизги керектөөлөрүн жана талаптарын ата-энелер же алардын ордун ээлеген адамдардын тийиштүү түрдө камсыз кылбоосу.»

Турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарга - жетим жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар, майыптыгы бар жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары, качкындардын жана кайрылмандардын үй-бүлөлөрүнүн балдары, зомбулукка жана катаал мамилеге дуушар болгон балдар, мыйзам менен келишпеген абалдагы балдар, куралдуу жаңжалдардан, табигый кырсыктардан жана катастрофалардан жапа чеккен балдар кирет.

Турмуштук оор кырдаалда калган балдарды коргоону камсыз кылуу үчүн жооптуу органдар:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети;
- балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган;
- жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын алдындагы балдардын иштери боюнча комиссиялар;
- балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмдөрү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын социалдык маселелер боюнча комиссиялары саналат.

Гендердик багытталган улуттук механизмдердин учурдагы комплекстүү системасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- КР Министрлер Кабинетине караштуу гендердик өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеш;
- КР ЖК төрагасына караштуу аялдардын, балдардын укуктары жана гендердик теңчилик боюнча кеңеш;

- КР Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинин гендердик саясат жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону координациялоо бөлүмү;
- КР Акыйкатчысынын Аппаратынын аялдардын, балдардын жана үй-бүлөнүн укуктарын коргоо бөлүмү;
- ар бир мамлекеттик орган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы мамлекеттик гендердик саясатты ишке ашыруу үчүн жооптуу адистерди аныктаган.

Турмуштук оор кырдаалга туш болгон балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык, турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды, анын ичинде ырайымсыз мамилеге (зордук-зомбулукка) кабылган балдарды эрте аныктоонун жана социалдык жактан колдоонун төмөнкү механизми киргизилди.

Аймактык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция бөлүмдөрү турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо жана аларды коштоп жүрүү боюнча туруктуу иш алып барышат.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы балдар иштери боюнча комиссия балдарды коргоонун жеке планынын (БКЖП) жана үй-бүлө менен иштөөнүн жекече иш планынын (ҮБИЖП) долбоорлорун карайт жана бекитет, ошондой эле оор турмуштук кырдаалдагы балдарды коргоо боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу аймактык мамлекеттик органдарга мониторинг жүргүзөт.

Турмуштук оор кырдаалга туш болгон үй-бүлөлөрдү жана балдарды аныктоодо аймактык бөлүмдөрдүн үй-бүлөлөрдү жана балдарды коргоо бөлүмдөрүнүн кызматкерлери, аларды кризистик оор кырдаалдан чыгаруу үчүн БКЖП же ҮБИЖП долбоорлорун иштеп чыгышат.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде үй-бүлөлүк мамилелердин түзүлүшүнө жана балдардын кызыкчылыктарына каршы кылмыш жасагандыгы үчүн адамдардын жоопкерчилиги каралган, ал төмөнкү беренелерди камтыйт:

- 172-берене. Никеге туруу үчүн адамды ала качуу - 5 жылдан 7 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратылат.
- 172-берене. Кыз баланы иш жүзүндөгү нике мамилелерине туруу же болбосо никеге туруу үчүн ала качуу - 7 жылдан 10 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратылат.
- 173-берене. Иш жүзүндөгү нике мамилелерине турууга мажбурлоо – 100 миң сомдон 200 миң сомго чейин айып салынат же 3 жылдан 5 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратылат.
- 174-берене. Адамды никеге турууга мажбурлоо - 100 миң сомдон 200 миң сомго чейин айып салынат же 3 жылдан 5 жылга чейин эркиндигинен ажыратылат;
- 175-берене. Диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө никеге туруу курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу - 3 жылдан 5 жылга чейин эркиндигинен ажыратылат;
- 177-берене. Үй-бүлөдөгү зомбулук - 2 айдан 1 жылга чейин түзөтүү жумуштары, же 40 сааттан 100 саатка чейин коомдук жумуштарга тартуу, же 5 жылга чейин эркинен ажыратылат.

Жыныстык кол тийбестикке жана сексуалдык эркиндикке каршы кылмыштар үчүн (анын ичинде балдарга, ошондой эле никеси бар аялдарга):

- 154-берене. Зордуктоо - өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирбеген зордук-зомбулук же жабырлануучуга же башка адамдарга зордуктоо жасайм деп коркутуу менен, жабырлануучунун алсыз абалынан пайдалануу менен жыныстык катнашка баруу да буга тете – 5 жылдан 8 жылга чейин мөөнөткө эркиндигинен ажыратылат.

Ошол эле жосун:

- адамдар тобу тарабынан жасалганда;
- алдын ала келишип алган адамдардын тобу тарабынан жасалганда;
- өмүргө же ден-соолукка кооптуу зомбулук көрсөтүү коркунучу менен байланышкан;
- жабырлануучуга же анын жакындарына карата өзгөчө ырайымсыздык менен жасалганда,

- 8 жылдан 11 жылга чейин эркинен ажыратуу.

1 же 2-бөлүктөрдө каралган жосундар:

- кош бойлуулукка алып келүү;
- он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки балага карата жасалганда;
- уюшкан топ тарабынан жасалганда;
- кылмыштуу топтун курамы менен жасалганда;
- байкабастыктан олуттуу зыян келтиргенде,

- 15 жылга же өмүр бою эркинен ажыратуу.

Ушул берененин 1-2 же 3-бөлүктөрүндө каралган жосундар он төрт жашка чыга элек балага карата жасалганда - 15 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен же өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

- 155-берене. Сексуалдык мүнөздөгү зордук-зомбулук аракеттер - 5 жылдан 8 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга, балага карата болсо - 15 жылга же өмүр бою эркиндигинен ажыратылат;
- 156-берене. Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо - 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу, же 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же болбосо 100 миң сомдон 200 миң сомго чейин айып салууга, же 5 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат;

14 жаштан 18 жашка чейинки балага карата - 10дон 15 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу менен белгилүү бир кызматтарды ээлөө укугунан ажыратуу, же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан 1 жылдан 3 жылга чейин ажыратылат.

14 жашка чейинки балага карата - 15 жылга эркиндигинен ажыратууга же өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланып же 1 жылдан 3 жылга чейин белгилүү иштер менен алектенүү укугунан ажыратылат.

- 157-берене. Он алты жашка чыга элек балага карата сексуалдык мүнөздөгү жосундар - 8 жылдан 10 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратылат;

- 158-берене. Бузукулук жорук-жосундар - 7 жылдан 10 жылга чейин эркинен ажыратылат.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинде балдардын кызыкчылыктарына жана үй-бүлөлүк мамилелерге каршы укук бузуулар үчүн жоопкерчилик каралган:

- 70-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук - 40 саатка коомдук жумуштарга тартуу же 3 суткадан 7 суткага чейин камакка алуу;
- 71-берене. Убактылуу коргоо ордеринин шарттарын аткарбоо - 40 саатка коомдук жумуштарга тартуу же 3 суткадан 7 суткага чейин камакка алуу;
- 72-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын түзөтүү программасынан өтүүдөн качуусу - эскертүү берүү, же 40 саатка коомдук жумуштарга тартуу.

Мамлекеттик жана муниципалдык органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен иштөөдө, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарга жетүү жөнүндө» мыйзам, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги максималдуу маалыматтык ачыктыкты камсыздай турганын эстен чыгарбоо зарыл.

Башкача айтканда, бардык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары журналисттин талабы боюнча маалымат берүүгө милдеттүү. Маалыматтарга жетүүнү чектөө төмөнкү максаттар үчүн белгиленет:

- улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти коргоо;
- калктын саламаттыгын же адеп-ахлагын коргоо;
- башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо.

Жетүүнү чектөө мындай маалыматтарга карата белгиленет:

- мамлекеттик сырларды коргоо жөнүндө мыйзамда аныкталган мамлекеттик сырлар боюнча;
- жеке маалымат жөнүндө мыйзамда аныкталган жеке мүнөздөгү маалыматка;
- ыкчам издөө, тышкы чалгындоо жана контрчалгындоо иштери боюнча мыйзамда белгиленген учурлардагы кылмыш иштеринин өндүрүшү боюнча;
- мыйзам тарабынан корголуучу сырды камтыганда (коммерциялык, банктык, нотариалдык, медициналык, адвокаттык жана башкалар).

# 5-ТЕМА.
# АЯЛДАРГА ЖАНА БАЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУ ЧАГЫЛДЫРУУДАГЫ ГЕНДЕРДИК СЕЗИМТАЛ МАМИЛЕ ДЕГЕН ЭМНЕ?

**Гендердик сезимтал журналистика** — бул гендердик теңсиздикти эске алып, зыяндуу стереотиптерди бекемдебестен, аялдар менен эркектердин абалын калыс чагылдырган медиа контентти түзүү практикасы.

ЖМК үчүн гендердик сезимтал көрсөткүчтөрдө ЮНЕСКО коомдун курамын, тажрыйбасын, иш-аракеттерин, көз караштарын жана көйгөйлөрүн жаңылыктарда чагылдыруу үчүн медиада аялдар менен эркектердин катышуусун тең салмактуулук менен камсыз кылуу зарылдыгына маани берип, төмөнкү критерийлерге көңүл бурууну сунуш кылат.

- учурдагы окуялар жөнүндө көргөн же уккан жаңылыктардагы аялдар менен эркектердин үлүшү;
- маалымат жана пикир булагы катары түздөн-түз суроого жооп алынган жана жаңылыктарда айтылган сөздөрү келтирилген аялдар менен эркектердин үлүшү;
- саясатта жана өкмөттө, экономика менен бизнесте, согуш жана чыр-чатактарда, илим жана техникада, спорттогу ж.б. маселелерде аялдар менен эркектердин үлүшү;
- аялдарга жана/же алар үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон гендердик зомбулук, аялдардын укуктары, жетишкендиктери ж.б.у.с. маселелерге негизги көңүл бурулган материалдардын пайызы;
- убакыттын, мейкиндиктин жана көңүл буруунун (прайм-таймда же көрүү көп болгон сааттарда, биринчи бетте же тематикалык макалаларда) маалымат же пикир булагы катары аялдардын катышуусу менен материалдарда жана маселелерде аялдар үчүн өзгөчө баалуулук катары көрсөткөн гендердик зомбулук, аялдардын укуктары, аялдардын жетишкендиктери ж.б. боюнча үлүшү.

Гендердик тең салмактуулук боюнча китепчеде белгиленгендей, эгерде ЖМК аялдарды тең укуктуу көрсөтпөсө жана алардын иши, социалдык ролдору жана атрибуттары жөнүндө стереотиптерди жайылта берсе, алар гендердик теңсиздикти улантып жана бекемдей беришет. Бул стереотиптер биз аялдар жөнүндө сүйлөшкөн

тилибизден баштап, аларды чагылдыруу үчүн тандаган образдарга чейин ар кандай жолдор менен көрүнө берет.

Маселен, журналист аял жөнүндө сөз кылганда “иштеген эне” деген клишени көп колдонот, бирок “иштеп жаткан ата” деп айтпайт. Анын сыңарындай, ЖМК көбүнчө визуалдык мазмундагы бурмалоолорду келтирип, мында аял саясатчылар муздак көз караш менен, ал эми эркек саясатчылар жылмайып жана жеткиликтүү болуп көрсөтүлөт.

Гендердик сезимтал журналистика – бул гендердик аспектилердин жана гендердик ченемдердин жана стереотиптердин жаңылыктарды чагылдырууга жана окуяларды кабыл алууга тийгизген таасирине көңүл бурган журналисттик ишке болгон мамиле. Бул ыкма коомдогу гендердик айырмачылыктарды жана теңсиздикти эске алуу менен дагы тең салмактуу, адилеттүү жана объективдүү мазмунду түзүүгө багытталган.

Гендердик сезимтал журналистиканын негизги принциптери төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Гендердин ролун түшүнүү: Гендер бийликти жана ресурстарды бөлүштүрүүгө кандай таасир этээрин жана кандай стереотиптер дискриминацияга алып келиши мүмкүн экенин талдоо.
- Тең салмактуу көрсөтүү: маалымат материалында аялдар менен эркектердин бирдей катышуусун жана өкүлчүлүгүн камсыз кылуу.
- Агартуу жана маалыматтуулук: журналисттердин жана окурмандардын гендердик маселелер боюнча маалымдуулугун жогорулатуу.
- Стереотиптерден качуу: Темаларда жана макалаларда гендердик стереотиптерди жана бир жактуу сөздөрдү колдонуудан алыс болуу.

Гендердик сезимтал журналистика чындыкты калыс жана так чагылдырууга умтулат жана коомдогу дискриминацияга жана теңсиздикке каршы күрөштө гендердин негизинде салым кошот.

2021-жылдын аягында Кыргызстанда медиа уюмдар үчүн Гендердик этикалык кодекс кабыл алынган, ал 10 принциптен турат, анын ичинде:

1. Медиа уюм гендердик теңчиликти илгерилетүү аркылуу өнүккөн жана адилет коомду куруудагы өзүнүн ролун түшүнөт жана ошого ылайык аракеттенет.
2. Медиа уюм өз кызматкерлеринин гендердик маалымдуулугун жогорулатууга жана алардын кесиптик чеберчилигин жогорулатууга умтулат.
3. Медиа уюм өзүнүн контентинде гендердик стереотиптерге жана басмырлоого жол бербейт жана ар дайым гендердик теңчиликке умтулат.
4. Журналист сексисттик кастык тилиндеги сөздөрдөн качат жана гендердик сезимтал сөздөрдү колдонот.
5. Журналист эксперттик көз карашты билдирген маалымат булагы катары аялдар менен эркектерге бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, ар бирин адаттан тышкары ролдордо көрсөтүүгө аракет кылат.
6. Гендердик зомбулук темасын чагылдырууда журналист жабырлануучунун укуктарын жана кызыкчылыктарын биринчи орунга коёт. Бул көйгөйдү жөнөкөйлөштүрөт жана аны жашоодогу ченем катары түс берүүдөн сактайт.

Гендердик сезимтал журналистика боюнча колдонмо гендердик ылайыктуу тилдин төмөнкү формаларын колдонууну сунуштайт:

- гендердик белгилери жок формалар: мисалы, аялга же эркекке таандык суроолорду колдонбой "туулган күнү" деп жазуу;
- аялдардын катышуусун жана тартылгандыгын баса белгилөө зарыл болсо, аялдардын кесибин жана социалдык таандыктыгын феминитивдер менен белгилөө (мисалы, «жетекчи», «журналистка», «жазуучу», «эмигрантка») же текстке тиешелүү көрсөтмөлөрдү колдонуу (мисалы, «тынчтыкты сактоо миссиясында аскер аялдарынын болушу»).
- аялдарды курмандык катары эмес, жабырлануучу катары көрсөтүү, алар жөнүндө кадимки адамдар жана күчтүү инсандар катары жазган жакшы.

Феминитивдерди колдонуу сиздин тилдеги аялдардын, демек жашоодогу ролун белгилеп, урматтап жатканыңызды көрсөтөт.

Гендердик сезимталдык гендердик ажырымды колдонууну камтыйт. Gap англис тилинен которгондо ажырым, аралык дегенди билдирет. Гендердик ажырым менен биз гендердик көрсөткүчтү алып жүрүүчү сөздүн аягын бөлөбүз. Мисалы, гендердик ажырымды түзүү үчүн "_" же " : " (журналист_калар, журналист:ка) символдорун колдонсоңуз болот.

Мындан тышкары, өз медиа продукциясын иштеп чыгууда журналист_ка ПРООНдун жана Финляндиянын Тышкы иштер министрлигинин, «Кыргыз Республикасындагы укуктук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү үчүн сот адилеттигине туруктуу жетүүгө карай» долбоорлорунун колдоосу менен иштелип чыккан гендердик теңчиликти текшерүү тизмесин колдоно алат:

1. Гендердик теңчилик аялдар жана кыздар үчүн гана эмес, жалпы коом үчүн да пайдалуу экенин түшүнүү жана кабыл алуу.
2. Аялдарды, кыздарды кемсинткен, басмырлаган, шылдыңдаган элдик макал-лакаптарды, каада-салттарды колдонбоо, алардын жакшы маанайда көрсөтүлүшүнө жол бербөө.
3. Үй жумуштарын жасап, бала тарбиялаган эркектерди баатыр же бир бечара кылып көрсөтпөө.
4. Сүрөттөрдө аялдар менен эркектерди бирдей, басмырлоосуз көрсөтүү.
5. Коомдогу аялдар менен эркектердин абалынын айырмачылыгын эске алуу.
6. Мыйзамдагы жана жашоодо гендердик дискриминацияны түшүнүү.

Гендердик маселелерди жана чыр-чатактарды чагылдыруу боюнча БУУ - Аялдар уюму медиа үчүн төмөнкүлөргө басым жасайт::

- Коомду, адамдардын тажрыйбасын, алардын иш-аракеттерин, көз караштарын жана кызыкчылыктарын туура чагылдыруу үчүн басылмаларда аялдар менен эркектердин болушун тең салмактуулукка алып келүү.
- Дүйнөнү жана анын бардык мүмкүнчүлүктөрүн чагылдырбаган, бирок коомдун эки өлчөмдүү көрүнүшүн "сактаган" гендердик стереотиптерден алыс болуңуз.
- Аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгүн тең салмактап, аялдарга эркектер менен бирдей добуш бериңиз, айрыкча, көбүнчө эркектер үстөмдүк кылган чөй-

рөлөрдөгү адистер катары – мисалы, саясат жана өкмөттө, экономика жана бизнесте, согуш жана чыр-чатактарда, илим, техникада жана спортто.

- Гендердик ылайыктуу тилди колдонуңуз.
- Гендердик теңчилик маселелерин чагылдырыңыз – бул коомдун кызыкчылыктарын коргоодо ЖМК ролунун маанилүү бөлүгү.

## ЖУРНАЛИСТТИК ЭТИКА ДЕГЕН ЭМНЕ?

Кесиптик журналисттик этика - бул "юридикалык жактан бекитилбеген, бирок журналисттик чөйрөдө кабыл алынган жана коомдук пикирдин күчү менен колдоого алынган журналисттердин адеп-ахлактык жүрүм-турумунун принциптери, ченемдери жана эрежелери".

Журналисттердин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын багыттарына карабастан алардын этикалык жана профессионалдык стандарттарын калыптандыруу, журналисттердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле аларга болгон ишенимди жана сый-урматты сактоо максатында, Кыргыз Республикасынын журналисттеринин Этикалык кодекси кабыл алынган.

Документ журналисттик жүрүм-турумдун негиздерин жана кесиптин баалуулук негиздерин аныктаган 24 беренени камтыйт. Алардын ичинен бир катар беренелер адам укуктарын сактоо менен байланышкан жагдайларды чагылдырууну түздөн-түз аныктайт, атап айтканда:

- Коомдун таламдарына, адамдын жана жарандын укуктарына зыян келтирүүчү, согушту жана зомбулукту, расалык, улуттук, аймактык, диний жана социалдык, ошондой эле жыныстык, гендердик жана сексуалдык сабырсыздыкты пропагандалоочу журналисттик ишмердүүлүккө жол берилбейт.
- Журналисттик материалдарды даярдоодо журналист жогоруда аталган чөйрөлөрдөгү терс стереотиптер коомдук пикирге терең терс таасирин тийгизип, дискриминацияга, кастык тилине, адамдын жана жарандык укуктардын бузулушуна алып келерин түшүнөт.
- Журналист адамдын (адамдар тобунун) тиешелүү белгилерин көрсөтүүдөн, ошондой эле бул адамдын физикалык же психикалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүдөн карманат, буга маалымат журналисттик материалдын ажырагыс бөлүгү болуп саналган учурлар кирбейт.
- Журналист балдарга байланышкан маселелерди чагылдырууда өзгөчө этият болушу керек. Жашы жете элек адамдын (адамдардын) жеке жашоосун чагылдыруу үчүн журналист баланын ата-энесинин, камкорчуларынын же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн уруксатын алышы керек.
- Мыйзамсыз аракеттерге катышкан же зомбулук менен байланышкан окуялардын катышуучусу болуп калган жашы жете электердин аты-жөнүн (же аларды таанууга боло турган белгилерин көрсөтүү) ачыкка чыгарууга жол берилбейт.
- Аялуу кырдаалда калган балдарга тиешелүү маселелерди чагылдырууда коомдук кызыкчылык баланын кызыкчылыктарына жана укуктарына негизденүү менен канааттандырылышы керек.

- Журналист кокус кырсыктан жана өзгөчө кырдаалдардан жабыркагандардын, ошондой эле алардын туугандарынын жана жакындарынын физикалык жана психологиялык абалына зыян келтирүүчү же начарлатуучу жүрүм-турумдан алыс болууга тийиш.

- Материалдарды жасоодо журналист кырсыктардан жана өзгөчө кырдаалдардан жабыркагандардын, ошондой эле алардын туугандарынын жана жакындарынын аты-жөнүн, сүрөттөрүн жана видеосун алар белгилүү болгон учурлардан тышкаркы кырдаалда жарыялоодон алыс болууга тийиш

Бирок журналисттик этика ар бир жеке жагдайга көңүл бурууну билдирсе да, этикалык ченемдерди жана принциптерди сактоо, кесиптик ишмердүүлүктү бир топ жеңилдетет жана аны бузууга байланышкан көйгөйлөрдөн алыс кылат.

Ошол эле учурда журналисттик ишмердүүлүк дагы ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынарын эстен чыгарбоо керек. Биринчиден, бул “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” мыйзамда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- порнографияны, зордук-зомбулукка жана ырайымсыздыкка сыйынууну пропагандалаган материалдарды таратууга;

- жарандарды жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этникалык жана аймактык тегине, динине, курагына, саясий же башка ишенимдерине, билимине, тек-жаатына, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жеке жана социалдык жагдайларга карата басмырлоого дуушар кыла турган материалдарды таркатууга.

Зомбулук же ырайымсыз мамиле темасын чагылдырууда журналисттер «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» мыйзамда иликтөөлөрдүн, алдын ала тергөөлөрдүн жана алдын ала соттук териштирүүлөрдүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга тыюу салынганын эстен чыгарбашы керек.

Ошол эле учурда “Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө” мыйзамда мамлекеттик, коомдук жана жеке ЖМК бул маалыматты колдонуучулардын өзгөчө категорияларын бөлүп көрсөтпөстөн, бардык жарандар жана уюмдар үчүн анын толук ачыктыгын камсыздай тургандыгы белгиленген.

Кыргызстанда мыйзам ар бир адамдын маалыматка жетүү укугу кепилденгенин эстен чыгарбоо керек. Мамлекет ар бир адамдын маалыматты издөө, алуу, изилдөө, өндүрүү, берүү жана жайылтуу укуктарын коргойт. Маалымат алуу укугун бузууга күнөөлүү адамдар мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартышат. Ошол эле учурда жалпыга маалымдоо каражаттары жарыяланган маалыматтардын аныктыгын текшерүүгө милдеттүү жана маалыматтын булагы менен бирге мыйзамда белгиленген тартипте анын аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

# 6-ТЕМА.
# ЗОМБУЛУК ТЕМАСЫН ЧАГЫЛДЫРУУДА ЭМНЕНИ ЭСКЕ АЛУУ КЕРЕК

"Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жөнүндө" КР Мыйзамында жалпыга маалымдоо каражаттары үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону ишке ашырган субъекттердин бири катары аныкталган. Ушул мыйзамдын 21-беренеси үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жаатында республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу жалпыга маалымдоо каражаттарынын ыйгарым укуктарына арналган.

Зомбулук темасы боюнча журналисттик материал, биринчи кезекте, окурманды/көрүүчүлөрдү потенциалдуу зомбулуктун эскертүү белгилери жөнүндө маалымдай тургандыгын, мындай көрүнүштөрдүн алдын алууга жардам бериши керектигин түшүнүү маанилүү. Журналисттин милдети – адамдарга ишке ашкан же боло турган зомбулуктун белгилерин жакшыраак таанууга жардам берүү, агартуу жана келечекте ушул сыяктуу учурларды болтурбоого жардам берүү.

Журналисттик материал адамдарды өзү үчүн да, айланасындагы зомбулукка кабылган адамдарга да жардам издөөгө түрткү бергидей болушу керек.

Журналист зомбулук темасын чагылдырганда, материалдын берилиши башка адамдарга да таасир этиши мүмкүн экенин түшүнүү керек. Материал зомбулуктун жабырлануучуларын же алардын туугандарын/досторун жаралантпашы керек, алар окуядан ансыз деле жабыркап жатышат. Эсиңизде болсун, зомбулукту баштан кечиргендер зомбулуктун жагдайлары жөнүндө айтып жатканда жаракаттан кийинки стресстин белгилерин көрсөтүшү мүмкүн. Мындан тышкары, зомбулуктан жабыркагандарга маданияты, жашы, этникалык теги же расасы, сексуалдык ориентациясы, жөндөмдүүлүгү жана социалдык же саясий статуска байланыштуу башка аныктоочу өзгөчөлүктөрү таасир этет.

Кылмышкерлердин сүрөттөрүнүн жанына жабыр тарткандардын сүрөттөрүн бербөөгө аракет кылуу керек. Бир жагынан, жабырлануучуларга жана алардын үй-бүлөлөрүнө көбүрөөк көңүл буруп, зомбулук учурларына кандай чара көрүү керектигин, кайда кайрылуу керек жана коопсуздукту камсыз кылуу, балдар менен аялдарга карата зомбулук фактыларына туура жооп кайтаруу үчүн кандай негизги жол-жоболорду аткаруу керек экендигин көрсөтүү зарыл.

Окурман өзүн кылмышкерге окшоштурбашы керек, анын иш-аракеттеринен шыктанбашы керек. Ошондуктан, адамдар, өзгөчө мыкаачылыкка жакын адамдар ушул сыяктуу жоруктарды жасоо менен атак-даңкка ээ болбошу үчүн, же мыкаачылыкты үлгү кылып, кылмыштын майда-чүйдөсүнө чейин көчүрүп же андан ары коздобошу үчүн, сенсациядан жана зомбулукту кеңири сүрөттөп берүүдөн алыс болуу абзел.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири жарыяланган кылмыш өзүнүн артынан анын имитациясына алып келиши мүмкүн. Кайталоочулар же мурунку киши өлтүрүүнүн кээ бир компоненттерин (ыкма, курмандыкты тандоо, өлтүрүү куралы, жайгашкан жер ж.б.) кайталайт, же баарын майда-чүйдөсүнө чейин кайталайт.

Окуяларды сүрөттөп жатканда, психикалык оорулары бар адамдарга карата стигманы күчөтпөө маанилүү. Психиатриялык диагноз, өзгөчө майыптык дайыма эле зомбулуктун себеби боло бербейт.

Ошондой эле, стигматизация кылмышкердин иштеген жерине же анын социалдык абалына тиешелүү болбошу керек. Зомбулукту, мисалы, укук коргоо органдарына же жакырчылыкка байланыштыруу жаңылыштык, бирок зомбулуктун түпкү себебин – бийликтин динамикасын эстен чыгарбоо керек.

### Зомбулук темасын чагылдырууда маалымат каражаттарынын негизги каталары:

- фактыларды бурмалоо,
- бир тараптуулук,
- окуяны күчөтүү каалоосу,
- стереотиптерди, мизогинияны, патриархалдык мамилелерди карманyy,
- жапа чеккендерге түз же кыйыр күнөө коюу - жабырлануучуну күнөөлөө.
- жабырлануучуларга карата басмырлоону баштоо же колдоо.

### Материалды даярдоодо төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

1. Зомбулук темасын чагылдырууну баштоодон мурун, интервью же материалды даярдоо учурунда каталарга жол бербөө үчүн бул теманы - терминологияны, имиштерди жана стереотиптерди изилдөө маанилүү.
2. Теманы изилдөө жалпы кырдаалды тереңирээк ачып берүүгө, зомбулук коомдо кандай абалда турганын, көйгөй эмнеде экенин ачып берүүгө мүмкүндүк берет. Зомбулук жөнүндө эч кандай контексти жок, мурдагы окуясы же прецеденттерге ээ болбогон кокустук кырдаалы катары айтуунун эч кандай мааниси жок. Кылмыштын бул түрүнүн бүтүндөй коом үчүн кесепеттери жөнүндө маалымат бериңиз. Бир эле ишти чагылдыруу менен чектелбеңиз. Ушул окуяга байланыштуу «маданиятка» же «системага» талдоо жүргүзүңүз.
3. Материалга бул жагдайга тиешеси бар эксперттердин жана адамдардын маектерин же түшүндүрмөлөрүн кошуу зомбулуктун абалын жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.
4. Адатта дарыгерлер, психологдор, юристтер жана социалдык кызматкерлер жалпысынан зомбулуктун кырдаалын талдоочу тиешелүү фактыларды же изилдөө материалдарын журналистке бере алышат.

Интервью учурунда эсиңизде болсун:

1. Жеке интервью менен предметтик – жеке интервьюну чаташтырбаңыз. Биринчиси жеке жашоодогу фактыларга токтолуп, адамды кутүүсүз тараптан көрсөтүүнү көздөйт. Экинчиси адамды өзүнчө эмес, кандайдыр бир жагдайга байланыштуу ачып берет. Предметтик- жеке интервьюда жеке жашоо көшөгө артында калышы керек, интервью суроолору болгон окуяга гана тиешелүү болот.

2. Зомбулук кырдаалында сиз эч кандай тарапты – жабырлануучу да, айыпталуучу/соттолгон адам тарапта да болбоңуз. Сиздин милдетиңиз – болгон окуяны калыс жана объективдүү чагылдыруу жана коомчулуктун көңүлүн зомбулук көйгөйүнө буруу.

3. Зомбулуктан жапа чеккен адамды кыйыр түрдө да күнөөлөбөш керек. Мисалы, жабырлануучунун кандай кийингенин жана өзүн кандай алып жүргөнүн сүрөттөп бербеш керек, анткени бул жабырлануучуга терс реакцияны жаратышы мүмкүн.

4. Жабыр тарткандар менен маек куруп жатканыңызда, эгер алар кааласа, мүмкүн болушунча сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бериңиз.

5. Айыпкердин күнөөсү далилденмейинче, ага каршы терс реакцияны козутпоо зарыл. Ошол эле учурда кылмыштын оордугун басаңдатып жана зордукчунун үй-бүлөдө, жумушта ж.б. кандай жакшы адам экендигин айтып актоонун зарылдыгы жок.

6. Зомбулук жөнүндө материалда зомбулуктан жабыркагандар же күбөлөр жардам сурап кайда кайрыла ала тургандыгы, зомбулук менен кантип күрөшүү керектиги жана зомбулукту кантип таануу керектиги тууралуу маалымат камтылышы маанилүү. Чечимдердин журналистикасын ишке ашырыңыз: эгерде материалдын контенти мүмкүнчүлүк берсе, аудиторияга, мисалы, жеке, жамааттык же мамлекеттик деңгээлде асылуулардын алдын алуу жана ага жооп кайтаруу боюнча мүмкүн болуучу чаралар жөнүндө маалымат бериңиз.

7. Жаңылыкты өзгөчөлүктөн (фиче) бөлүңүз. Эгерде “жумшак” жаңылык баяндоонун адабий ыкмалары менен толукталса, натыйжада өзгөчөлүк пайда болот, башкача айтканда, окурманга бул окуяны башынан кечирүүгө мүмкүндүк берген өзгөчөлүк пайда болот. Эгерде жаңылык: «Эмне болду? Кандай болуп өттү?» деген суроого жооп берсе, анда өзгөчөлүк: «Бул окуя болгон учурда катышуучулардын абалы кандай болду?» деген суроого жооп берет. Өзгөчөлүккө кызыкпаңыз; эсиңизде болсун, жабырлануучулар болгон окуяны кайрадан баштан кечирбеши керек.

8. Интервью суроолору фактылуу (реалдуу окуялар жөнүндө суроолор) болушу, эгерде маектеш жабырлануучу болуп саналбаса, баа берүүчү (маектештин окуяга болгон мамилеси жөнүндө) же гипотетикалык (ар кандай кырдаалда мүмкүн болуучу аракеттер жөнүндө) болушу керек.

9. Маектешкендердин коопсуздугун эстен чыгарбоо жана зомбулукту баштан кечиргендердин жана алардын жакындарынын, анын ичинде материалды окуп жатканда кайра жаракат албоосу үчүн кам көрүү маанилүү. Ошондой эле, сиздин көрүүчүлөрдүн/окурмандардын болжол менен 30% зомбулукка кабылганын жана бул материал аларда терс эскерүүлөрдү жаратышы мүмкүн экенин эстен чыгарбоо керек. Кээ бир учурларда, материалдын эң башында зомбулук тууралуу маалыматты камтыган эскертүүнү кошуу, же зыян келтирүү жана триггер сүрөттөрдүн процессин майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөөдөн качууга аракет кылуу сунушталат.

Материал даяр болгондо же сиз журналисттин материалын оңдоп жатканыңызда, аны төмөнкү көрсөтмөлөрдүн негизинде баалоого аракет кылыңыз:

1. Ишенимдүүлүк – бардык фактылар бурмаланбастан берилгенби, сандарды жана күндөрдү кайра текшериңиз. Берилген маалыматтар талашсыз далилдерге негизделиши маанилүү, мисалы, соттун чечими, экспертизанын же расмий органдардын маалыматтары, мыйзам ченемдери ж.б.

2. Маалымат булактары ишенимдүүлүгү боюнча репутацияга ээ болууга тийиш - мамлекеттик органдар, расмий уюмдар, абройлуу жалпыга маалымдоо каражаттары, эксперттер ж.б.

3. Тактык шкаласынын жардамы менен фактыларыңызды текшериңиз:

   - толугу менен ишенимдүү,
   - мүмкүн ишенимдүү,
   - анча ишенимсиз,
   - күмөндүү,
   - ишенимсиз.

Маалыматтын аныктыгы ал алынган булак менен аныкталат (расмий документтерден же кызмат адамдарынан, белгисиз адамдардан, анонимдүү ж.б.)

Материалды берүүнүн мүнөзүнө баа бериңиз – эмоциялар фактылардан үстөм болбой текст калыс, бейтарап болушу керек.

Видеоматериал же фотосүрөттөрү/инфографикалары бар материал тексттин жана видео/фото/инфографикалык катарлардын өз ара аракеттенүүсүнө кылдат көңүл бурууну талап кылат.

# 7-ТЕМА:
# БАЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУКТУ ЧАГЫЛДЫРУУДА ЖЕТЕКЧИЛИККЕ АЛУУЧУ НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕР

1999-жылы Ослодо медиа өкүлдөрү жана укук боюнча эксперттер “Осло чакырыгы” аттуу документти түзүшкөн, бул документ бүткүл дүйнө боюнча балдардын укуктарын илгерилетүүдөгү медианын ролун аныктаган. Ал беш бөлүктөн турат:

- Баланын маалымат каражаттарына, анын ичинде жаңы ЖМКга жетүү укугу,
- Баланын маалымат каражаттарында билим алуу жана сабаттуулукка укугу,
- Балдардын массалык маалымат каражаттарына катышуу укугу,
- Баланын массалык маалымат каражаттары алып келе турган жана экрандагы зомбулуктан коргонууга укугу;
- Балдардын укуктарын коргоо жана илгерилетүү тармагында ЖМК ролу.

“Осло чакырыгы” ЖМК балдардын укугун коргоодо маанилүү роль ойной тургандагын моюндайт, ар кандай улуттук жана эл аралык булактардан алынган маалыматка жана материалдарга балдардын жетүүсүн ЖМК камсыз кылуусунан баштап, өзгөчө анын социалдык, руханий жана моралдык бакубат болушуна, ошондой эле физикалык жана психикалык саламаттыгын сактоого багытталгандарын камсыздоого милдеттүү. Мындан тышкары, ЖМК маалыматтуу жарандардын өнүгүшүнө салым кошуп, жаштардын үнү угулушу да керек.

## ЮНИСЕФ[5] БАЛДАРДЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮН ЧАГЫЛДЫРУУ БОЮНЧА ЖЕТЕКЧИЛИККЕ АЛЫНУУЧУ ЖЕТИ КӨРСӨТМӨНҮ ИШТЕП ЧЫККАН

Баланы басмырлоонун куралы болуп калбаңыз: баланы өч алуу максатына айландыруучу категориялардан жана сүрөттөмөлөрдөн, анын ичинде физикалык же психологиялык жактан дагы зыян келтирүүдөн, өмүр бою катаал мамиле кылуу, басмырлоо же коомчулуктун четке кагуусуна алып келүүчү аракеттерден алыс болуңуз.

5 https://www.unicef.org/eca/ru/media/ethical-guidelines

1. Баланын окуясы же сүрөтү берилген контексттин так болушун сөзсүз камсыз кылыңыз.

2. Ар дайым аты-жөнүн өзгөртүп, баланын көрүнө турган элесин жашырыңыз, эгерде балага карата булар аныкталса:

   • сексуалдык зордук-зомбулуктун же сексуалдык эксплуатациянын курмандыгы болсо;

   • физикалык же сексуалдык зордук-зомбулук көрсөтсө;

   • эгерде бала, анын ата-энеси же мыйзамдуу өкүлү маалыматтарды чыгарууга толук макулдугун берген учурлардан тышкары, ВИЧ-позитивдүү болсо же СПИД диагнозу коюлса;

   • кылмыш жасоого айыпталып же ага өкүм чыгарылса.

3. Айрым бир кырдаалдарда, зыян келтирүү же мүмкүн болуучу өч алуунун реалдуу же потенциалдуу тобокелдиги болсо, баланын атын өзгөртүп анын көрүнө турган сүрөтүн боеп салуу керек, эгерде ал бала:

   • согуштук аракеттерге катышып жатса же катышкан болсо;

   • башпаанек издеп жаткан болсо, качкын же өлкө ичинде жер которууга аргасыз болсо.

4. Кээ бир жагдайларда баланын маалыматын (аты-жөнүн жана/же тааныла турган сүрөтүн) жарыялоо баланын кызыкчылыгында болушу мүмкүн. Бирок балага зыян келтирбөө керек жана стигматизация же жазалоо чаралары болуп калган учурда колдоо көрсөтүү кепилдениши керек. Мындай жагдайлардын мисалдары:

   • бала өз пикирин билдирүү эркиндигине жана өз пикиринин угулуу укугуна ээ болгусу келип, кабарчы менен өзү байланышат;

   • бала туруктуу иштеп жаткан активисттик же социалдык мобилизациялык программага катышып жатат жана бул катышуунун белгиленишин каалайт;

   • бала психологиялык программага катышып жатат жана өзүнүн жеке маалыматын берүү же анын сүрөтүн көрсөтүү талабы анын дени сак өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

5. Бала билдире турган маалыматтын тактыгын ар дайым ырастаңыз: же башка балдардан, же чоңдордон, же андан да жакшысы, экөөнөн тең.

6. Эгерде сиз балага коркунуч жок экенине көзүңүз жетпесе, жеке баланы эмес, бүтүндөй балдардын абалын чагылдырыңыз: баланын өзүнүн окуясы канчалык ынанымдуу болгону да мааниге ээ эмес.

Бул принциптер зомбулукка кабылган ар бир адам жөнүндө чагылдырууда актуалдуу. Зомбулук же катаал мамиле темасында иштеген ар бир журналист зомбулук деген эмне экенин, зомбулуктун кандай түрлөрү болорун жана алардын өзгөчөлүктөрү кандай, алар эмнеге алып келиши мүмкүн, кандай стереотиптер бар экенин түшүнүшү керек. Башкача айтканда, ката кетирбөө жана адамдарга зыян келтирбөө үчүн проблеманы так түшүнүүсү зарыл.

Балдарга карата зомбулук темасын чагылдырууда да эстен чыгарбоо керек:

1. Бардык жагдайларда ар бир баланын ар-намысын жана укуктарын урматтоо зарыл. Ар бир баланын жекеликке жана купуялуулукка болгон укугун урматтоону, анын пикирин угууну, ага таасир этүүчү чечимдерге катышуусуна жана зыян тартуудан жана өч алуудан корголушун өзгөчө сактаңыз.

2. Эң башкысы зыян келтирбөө! Журналисттик материалдын балага коркунуч жаратышы, басынтуусу, эскерүүлөрү менен оорчулук келтирүүсүнүн кереги жок.

3. Бала менен маектешүүдөн мурун анын ата-энесинин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугун алыңыз. Алар сиздин ким экениңизди жана интервьюну кантип колдонууну пландап жатканыңызды түшүнгөнүнө көзүңүз жеткидей болсун.

4. Ар бир баланын кызыкчылыгын биринчи орунга коюуну жетекчиликке алып жана баланын жаш курагына жана жетилгендигине ылайык анын көз карашын эске алуу укугун унутпаңыз. Балдардын көйгөйлөрүн чечүүнү жана балдардын укуктарын илгерилетүүгө аракет кылыңыз.

5. Ар кандай репортаждын саясий, социалдык жана маданий кесепеттери боюнча баланын абалына түздөн-түз тиешеси бар жана ага эң туура баа берүүгө жөндөмдүү адамдар менен кеңешиңиз.

6. Баланын маалыматы өзгөртүлгөн, билинбей калган же жарыяланбаган күндө да, баланын өзүнө, анын ага-эжелерине же теңтуштарына коркунуч келтире турган тексттерди же сүрөттөрдү жарыялабаңыз.

Балдарга карата зомбулук тууралуу чагылдырууда туура жана так тилди колдонуу маанилүү. Мисалы, «сойку кыз» же «балдардын сойкулугу» эмес, туура терминдер «сексуалдык эксплуатацияга дуушар болгон кыздар» жана «балдарды сексуалдык эксплуатациялоо» болот.

# 8-ТЕМА:
# ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУКТУ ЧАГЫЛДЫРУУДА ЖЕТЕКЧИЛИККЕ АЛУУЧУ НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕР

Аялдарга карата зомбулук темасын чагылдырууда төмөнкүлөрдү унутпоо зарыл:

- зомбулуктун социалдык контексти жөнүндө маалымат камтылышы, сөздөр жана терминология туура тандалышы керек.
- күнөөнү жабырлануучуга оодарып, зордуктагандарды актабоо керек.
- Маалымат булактарын тандоо материалга таасир этээрин эске алуу керек.
- Зомбулуктун курмандыктарына жардам сурап кайда кайрыла ала тургандыгы жөнүндө маалымат берүү маанилүү.

Ошол эле учурда аялдарга карата зомбулукту чагылдырууда жалпы ЖМК кетирген каталарды баса белгилесе болот.

Биринчиден, зомбулук темасы негизинен, сенсация принцибинде гана чагылдырылат, башкача айтканда, ЖМКга эң резонанстуу жана ырайымсыз окуялар (көбүнчө адам өлтүрүүлөр) гана чыгат, ал эми теманын өзү коомдук көйгөй экендиги позициясынан иш жүзүндө ачылбайт.

Көбүнчө аялдарга карата зомбулук болгон учурларда журналисттер өздөрү байкабай туруп, аялды күнөөлүү кылып коюшат (көңүл бурдурган кийим, ачык боёнуу, түн ичинде келе жаткан ж.б.). Ал эми зордукчуга жана агрессорго карата, алардын себептерине түшүндүрмөлөрдү табышат - сүйүү, кызганыч, каада-салт ж.б., агрессор өкүнүп жатат деп кошумчалашат. Зомбулукту чагылдырууда бейтараптуулукту сактап, жабырлануучуну күнөөлөгөндөн алыс болуу маанилүү.

**гендердик эксперттерден комментарий:*

Журналисттик материалдарды гендердик жактан кароодо биз көбүнчө сексуалдык зордук-зомбулук процессинин кенен, эротикалык жана романтикалуу сүрөттөлүшүнө туш болобуз, муну айрым ЖМК окурманды өзүнө тартуу үчүн колдонушат.

Кенен-кесири сүрөттөмө, биринчиден, зордук-зомбулукка кабылган окурмандардын жараатын кайрадан тырмашы, жарааттуу эскерүүлөр үчүн түрткү болушу мүмкүн,

экинчиден, зомбулукка жакын эркектер үчүн «шыктануу» булагы болуп, үчүнчүдөн, жабырлануучуга айыпты түртө салууну жаратышы мүмкүн экенин эстен чыгарбоо керек.

Окуяны майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөөдөн жана баа берүүчү пикир айтуудан, окуяны романтикалуу кылуу менен көркөм сүрөттөөдөн алыс болуу керек.

Төмөндө “АСТ” коомдук бирикмесинин колдонмосунан цитаталар келтирилген.

«Жабырлануучуну сүрөттөп жатканда нейтралдуу тилди колдонуу керек. Аял өлтүрүлбөсө «курмандык» деген сөздү колдонбош керек, анткени ал стигма. Бул сөз аялдын айласыз жана алсыз экенин айтып тургансыйт.

Бул сөздүн өзү аял тараптан каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Мындай сөз көптөгөн жабыр тарткан аялдарда терс сезимдерди чакырып, эски жарааттарын эске салат. “Зомбулуктун жабырлануучусу” же “зомбулукту баштан кечирген” деп жазган жакшы. Журналисттер уруп-сабоодон жабырланганды сүрөттөгөндө анын портрети маанилүү. Бул нейтралдуу болушу керек, антпесе жабырлануучуну күнөөлөөгө алып келет.

Журналисттин материалдарында “эмнеге ушундай жигитке турмушка чыккан”, “өзү күнөөлүү”, “өзү кордү да”, “эмне үчүн ажырашкан эмес” деген өңдүү сөздөр болбошу керек. Зомбулук кырдаалында бир гана - кылмыштуу аракеттерди жасаган адам күнөөлүү болот.

Үй-бүлөлүк зомбулукту чыр-чатак же үй-бүлөлүк келишпестик деп атоого болбойт. Зомбулук эч качан үй-бүлөлүк чыр-чатак же келишпестик болушу мүмкүн эмес жана тескерисинче. Ар бир үй-бүлөдө чыр-чатактар, келишпестиктер болот. Үй-бүлөдөгү зомбулуктун чыр-чатактардан айырмасы – бул зомбулуктун системалуу түрдө кайталанып тургандыгы, анын максаты башка адамды өзүнө баш ийдирип, анын үстүнөн бийликке жетип жана көзөмөлгө алуу болуп саналат.

Чыр-чатактын өзөгүндө чечиле турган көйгөй бар. Тең өнөктөштөр талашып-тартышат, бири-биринин айтканына макул болушпайт, өз оюн коргошот. Чыр-чатактын бүтө турган аягы болот. Үй-бүлөдөгү зомбулук тараптардын тең укуктуулугун билдирбейт, бир адам экинчисине физикалык күчтү, экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү, статусун, балдарды ж.б. колдонуу менен көзөмөлдөөгө умтулат. Журналисттер аялды уруп-сабоонун себебин издебеш керек. “Тамак жасаган эмес», «баланы начар тарбиялады», «тамак-ашка көп акча коротту» ж.б.у.с. тууралуу кеп болот. Мунун баары зордукчуну гана актайт”.

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук жөнүндө маалымат каражаттарында чагылдырууда ЮНЕСКО[6] айтып жана ойду билдирүүдө өтө кылдаттык менен сөздөрдү тандоону сунуштайт, антпесе кылмыштын себептери, ал тургай, жалпысынан үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү туура эмес түшүнүлүп калышы мүмкүн. Мисалы, сүйүүнүн айынан адам өлтүрүү болгонун кыстара кетүү кылмышты романтикага айлантышы ыктымал. Ошо сыяктуу эле, окуянын олуттуулугун төмөндөтүүчү «үй-бүлөлүк чыр-чатак» сыяктуу эвфемизмдерден алыс болуу керек, кылмышкердин күнөөсүн төмөндөткөн «үй-бүлөлүк драма» жана «өзүн көзөмөлдөй албаган аффект абалындагы кылмыш» деген сөз айкаштарын колдонуудан алыс болгон оң.

Мындай кылмыштардын себептерин айтып жатканда журналисттер, мисалы, кылмышкердин ээлик кылууга көнгөн мамилесин, же анын жабырлануучунун кетип калышы менен келише албастыгын белгилеш керек. “Денеге жаракат келтирүү» термини «зомбулук жасоо» терминининин синоними эмес экенин эстен чыгарбоо зарыл,

6 https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000374625

анткени зомбулук туруктуу, кыйратуучу таасирге ээ, коркуу сезимин козгоп жана көзөмөлгө алуу менен бийлеп алууга болгон каалоо аркылуу мүнөздөлөт.

Так эле ушундай “кызды уурдоо” же “кызды ала качуу” деген сөз айкаштарын колдонуу сунушталбайт, анткени сөз кылмыш иши – адамды уурдоо жөнүндө болуп жатат. Ошон үчүн ала качкан адамды «ал таанышуудан корккон», уялчаак, «жолугушууга чакырууга акчасы жок болчу» ж.б. деп актоо жарабайт.

Европа Кеңеши аялдарга карата зомбулукту чагылдырууда ЖМК[7] кызматкерлери үчүн төмөнкү текшерүү тизмесин сунуштайт:

1. Репортаж даярдоону тапшыра турган квалификациялуу журналистка барбы? Эгерде репортаж жабырлануучу менен интервьюну камтыса, аны жасай ала турган журналистка барбы?
2. Менин окуямды жарыялоодо ага катышкандар, алардын туугандары же алар таандык болгон социалдык топ үчүн коркунуч тобокелдиги барбы?
3. Жабырлануучу менен маектешүү үчүн коопсуз жай түзө алдымбы?
4. Интервью бере тургандарга мүмкүн болуучу тобокелдиктердин бар экендиги боюнча жетиштүү маалымат бердимби?
5. Интервьюга даярдаган суроолорум сый, кесипкөй жана зомбулукту баштан кечирген адамды же анын үй-бүлөсүн капа кылбай, көңүлүн чөктүрбөй тургандай түзүлөбү?
6. Жабырлануучулар жөнүндө, алардын жаракаттары тууралуу сүрөттөр жана видеолор окуяны айтып берүү үчүн чындап эле зарылбы?
7. Менин баянымдагы майда-чүйдөдөн улам, зомбулукту баштан кечирген аялдын ким экени ачыкка чыгышы мүмкүнбү?
8. Баянды коштогон сүрөттөр жана видеолор аялдар менен эркектердин гендердик ролдору боюнча стереотипти көрсөтөбү?
9. Менин окуям (анын аталышы жана коштогон сүрөттөр) аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук темасына сенсация жаратуу эмес, кесиптик, этикалык жана эксперттик мамилени көрсөтүп жатабы?
10. Менин окуям окурмандарга кызык болуудан тышкары, кандайдыр бир коомдук пайда алып келеби? Ал билим берүүчү, тема боюнча маалымдуулукту жогорулатуу же башка потенциалдуу жабырлануучуларга пайдалуу маалымат береби?
11. Менин окуям жеке/үй-бүлөлүк маселе эле эмес, жалпы коомчулуктун көйгөйү катары аялдарга жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кеңири контекстти жана талдоолорду камтыйбы?
12. Менин окуям аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулукту гендердик теңсиздиктин түзүмдүк көйгөйү катары кеңири контекстти жана талдоону камтыйбы, же болгону аны айрым аялдарга гана тиешелүү маселе катары көрсөтөбү?
13. Бул тема боюнча менде жетиштүү билим барбы? Эгер жок болсо, аялдарга карата зомбулук проблемасы боюнча кеңеше турган жергиликтүү эксперттердин байланыштары менде барбы?

7 https://rm.coe.int/vaw-media-guidelines-english/1680a077eb

14. Аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө жазганда туура терминологияны колдонорума ишенемби?

15. Мен отчетто айткым келген кылмышкердин жеке сапаттарынын кылмышка же менин окуяма кандайдыр бир тиешеси барбы?

16. Мен отчетко билдирүүлөрүн кошкум келген адамдар бул маселеге бир жактуу көз караште болушу мүмкүнбү? Эгер ошондой болсо, алардын билдирүүлөрү контекстке ылайыкташтырылганбы?

17. Жабырлануучу же кылмышкер жөнүндө мен пайдаланган маалымат булактары ишенимдүү, калыс жана көз карандысыз боло алабы?

18. Зомбулук кырдаалында калган аялдарга колдоо көрсөтүү боюнча иштеген уюмдардын ишеним телефондору барбы? Алардын аталыштарын жана байланыштарын мен макаламда же көрсөтүүмдө бере аламбы?

# 9-ТЕМА.
# ЗОМБУЛУКТАН ЗАПКЫ ЧЕККЕНДЕР МЕНЕН КАНТИП СҮЙЛӨШҮҮ ЖАНА ЗОМБУЛУК ЖӨНҮНДӨГҮ МАТЕРИАЛДАРДЫ КАНДАЙЧА КӨРСӨТҮҮ КЕРЕК

**Марсела Турати** — көз карандысыз журналист-иликтөөчү жана Мексиканын иликтөөчү журналистика жаатындагы коммерциялык эмес Quinto Elemento Lab уюмунун, ошондой эле (Дайынсыз жоголгондор кайда кетишет?) веб-сайтынын тең негиздөөчүсү. Ал зомбулуктан жабырлангандар менен маектешүүдө төмөнкү кеңештерди сунуштайт[8]:

1. Өзүңүздү журналист катары тааныштырыңыз. Эгер кооптуу деп ойлосоңуз, муну тим эле койсоңуз болот. Бирок, жарыялоо үчүн маектешүүгө макул болбогон адам менен кандайдыр бир маалыматты түздөн-түз байланыштырбаңыз.

2. Маектешүү үчүн жетиштүү убакыт табыңыз. Эгерде убактыңыз аз болсо, маектешиңизге муну айтыңыз жана окуяны кенен айтууга эмес, эмне болгонун билүү үчүн жалпы суроолор менен чектеңиз. Болгон окуя тууралуу суроо менен эле чектелбеңиз. Маектештин өзү жөнүндө суроолорду бериңиз - трагедия ага кандай таасир эткенин, талкууланып жаткан окуялардын жүрүшүндө ал кандай сезимде болгонун жана кийин ал эмоциясын кандай жеңе алгандыгын сураңыз.

3. Маектешүү үчүн ылайыктуу шартты табыңыз. Балдар сизди уга турган жагдайлардан алыс болуңуз. Чоңдор бала ансыз да бардык нерсеге көнүп калганын айтышса да, уккандары балага терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

4. Маекти жаздырып аларыңызды чечиңиз. Маектештен сүйлөшүүнү жаздырсак ыңгайлуу болобу деп сураңыз. Блокнотко жазып жатканда, маектештин көзүнө кароону унутпаңыз, анткени көз менен байланышуу абдан маанилүү. Эгерде маек диктофонго же видеокамерага жазылып жаткан болсо, ага жакшылап даярданыңыз, техникалык мүчүлүштүктөрдөн улам маектештин сөзү үзгүлтүккө учурабашы керек. Ошондой эле кошумча көчүрмөнү жасоону унутпаңыз.

8 https://gijn.org/ru/istorii/tehnika-intervyu-kak-govorit-s-zhertvami-svidetelyami-i-postradavshimi/

5. Маектешти даярдаңыз. Маектешүүдөн мурун, айтыла турган темалар боюнча жалпысынан макулдашып алыңыз.

6. Процессти жана натыйжаны көзөмөлдөө. Адамга басым жасабаңыз. Маекти баштаардан мурда бардык чечимдерди маек берүүчү кабыл алаарын баса белгилеп, ага анын укуктарын түшүндүрүү зарыл.

7. Суроолоруңузду таразалап алыңыз. Каргашалуу окуяга кабылган жабырлануучу менен маектешүү боорукердикти жана өзүн жабырлануучунун ордуна коюуну талап кылат. Өзүңүзгө суроо бериңиз: эгерде бул адам сизге жакын адамыңыздын тууганы болсо, сиз ага ушундай суроолорду берет белеңиз?

8. Көз менен байланышты сактап, кунт коюп угуңуз. Көңүл коюп угуп, бөтөн үндөрдүн тынчыңызды албасына кам көрүңүз.

9. Адамды кылмыштуу кылган суроолордон алыс болуңуз. Адатта, жабырлануучулар өздөрүн күнөөлүү сезишет. Алар жалгыз, коркуп турушат, аларга ишенгендер аз. Күнөөнү жабырлануучуга жүктөөгө болбойт.

10. Жараат алып келген окуя жөнүндө адамдын эсине салуу өзүн актайбы, жокпу, ойлонуп көрүңүз. Суроолор өзүнчө эле кыйноо сыяктуу сезилиши мүмкүн, андыктан тыныгууга да убакыт берип, суроолор кылдаттык менен берилиши керек.

11. Жарааттуу тажрыйбаны түшүнүүнүн ар кандай жолдорун издеңиз. Жабырлануучуларды азаптуу учурду кайра башынан өткөрүүгө мажбурлабастан, алардын эмоцияларын түшүнүүнүн жолдорун издеңиз. Жакшы стратегия - алардан түштөрүн баяндап берүүнү сурануу. Адатта, түштөр жетиштүү баяндоочу күчкө ээ, андыктан адамдан жарааттуу тажрыйбаны кайра башынан кечирүүгө алып келүүчү суроолорду берүүнүн сизге кереги жок.

12. Эгерде адам капаланып же ыйлап жатса, аны сабырдуулук менен кабыл алыңыз. Эгерде маектешкен адам ыйласа, ашыкча эмоциясы жок реакция кылыңыз. Ага кандайдыр бир жардам керекпи, жокпу сылыктык менен сураңыз, суу сунуштаңыз.

13. Маекти өз калыбына келүү жөнүндө суроолор менен бүтүрүңүз. «Баштан өткөн окуяны кантип жеңдиңиз?» жана «Кадимки жашоого кайтып келүүгө эмне жардам берди?» - булар оорчулук келтирген темадагы маекти бүтүрүү үчүн колдонула турган суроолордун мисалдары. Бул журналист үчүн маанилүү маалыматты алуу үчүн гана эмес, адамды азаптуу жана жарааттуу окуяларда гана кармабастан, маекти жетишилген иштер жөнүндө бүтүрүүгө мүмкүндүк берет.

   Маекти жыйынтыктап жатып, журналист жабырлануучуга көрсөткөн ишеними жана башынан өткөргөн оор тажрыйбасын айтып бергени үчүн ыраазычылык билдирүүсү керек. Байланыш маалыматтарын бериңиз, бирок аткара албай турган убаданы, маегиңиз аркылуу адилеттүүлүк ордуна келет деп да убада бербеңиз.

14. Бардык мүмкүн болгон кесепеттерди талдаңыз. Маектешкен адам менен бирге анын билдирүүлөрү кандай тобокелдиктерди алып келерин, ал ушундай тобокелдиктерге барууга даярбы же жокпу, аларды кантип азайтуу керектигин талдап алыңыз. Жарыялоодон мурун, маалыматты кайра окуп чыгууга редактор менен бирге убакыт бөлүп, бул окуя ага катышкандарга кандай кесепеттерге алып келиши мүмкүн экенине баа бериңиз (мисалы, кылмышкердин ким экендигин ачуу) жана маалымат булактарын коргоо стратегиясын ойлонуп алыңыз.

15. Маалыматты текшериңиз. Жараат алып келген окуялар көбүнчө эс тутумга таасирин тийгизет. Коркунучтан, болуп өткөн нерсени түшүнүү зарылчылыгынан, баарын унутуп салууну каалагандыктан, жаңы ачылган маалыматтан же жөн эле адам башка адамдардын маалыматтарын уккандыктан, эскерүүлөр убакыттын өтүшү менен өзгөрөт. «Эч качан «сиздин кандай абалда экениңизди түшүнөм» деп айтпаңыз, анткени сиз өзүңүз трагедияны баштан өткөргөн болсоңуз да, ал андай эмес, - деп кеңеш берет медиа эксперт Стив Буттри. Бул жарааттуу тажрыйбаны башына кечирген адам менен сүйлөшүүдөгү репортер кетире турган эң чоң ката. Андан көрө:"Мен сиздин окуяны айтып берейин дедим эле" деп айтыш керек. Бул адамга анын окуясы экендигин, анын кандай айтыла тургандыгын өзү көзөмөлдөй ала тургандыгын түшүндүрөт".

Журналист интервью алып жатканда, денедеги жарааттарды сүрөткө тартууну/сүрөттөөнү талап кылбашы керек; материалга зомбулук көрүнүштөрүн чагылдырган сүрөттөр/иллюстрациялар кошулбашы керек. Нейтралдуу сүрөттөрдү тандаган оң.

Макала үчүн сүрөттү же репортаж үчүн видеону тандоодо ар дайым өзүңүзгө үч суроо беришиңиз керек:

- Сүрөт/видео зомбулуктан жабырлануучунун коопсуздугуна жана ар-намысына коркунуч келтирбейби?
- Сүрөттө/видеодо сенсациялуу маани барбы, ал стигматизациянын майда-чүйдөсүнө чейин туура эмес кызыгууну жаратпайбы?
- Эгерде сүрөт/видео зомбулуктун көрүнүштөрүн камтыса же үрөй учурарлык мүнөздө болсо, бул коомдун кызыкчылыгына туура келеби? Башкача айтканда, сүрөттүн үрөй учурган мүнөзү маселенин өзөгүн ачууга кызмат кылабы? Бул коомго кырдаалды жакшыраак түшүнүүгө же сезүүгө жардам бере алабы?

Фото жана видеоматериалдардын мүнөзү аларды сенсациялуу түрдө колдонууга жол бербеши керек.

Эсиңизде болсун, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык, кайсы бир адамдын ачыкталган сүрөтүн (картина, фото, кино ж.б.) анын макулдугусуз жарыялоого жана жайылтууга эч кимдин укугу жок (19-берене).

Сүрөттү жарыялоо жана жайылтуу соттун, алгачкы тергөө органдары жана тергөөнүн талаптарына байланыштуу болгон учурларда, сүрөткө тартуу же сүрөттү алуу башка жол менен коомдук жайда жүргүзүлсө, ошондой эле мыйзамда каралган башка учурларда болсо, мындай макулдук талап кылынбайт.

Эгерде сүрөттөгү адам акы төлөп сүрөткө түшсө, анын сүрөтүн жарыялоого жана жайылтууга адамдын макулдугу суралат.

2022-жылы "Социалдык технологиялар агенттиги" тарабынан "Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары"[9] методикалык колдонмосу иштелип чыккан, анда төмөнкү кеңештер берилген:

Үрөй учурган сүрөттөр жана видеолор басылманын трафигин көбөйтүшү мүмкүн, бирок бул "Зыян келтирбе" принцибине карама-каршы келиши ыктымал.

Провокациялык сүрөттөр жана видеолор, баш макалалар жана киришүүлөр журналистиканын бардык жеринде колдонулат. Үй-бүлөлүк жана башка гендердик зомбулук темасындагы материалдар да четте калбайт. Мындай көрүнүштөр маселени

9 https://prevention.kg/wp-content/uploads/2023/09/hero_a3.3_guide-for-media.pdf

чечпейт, ага коомчулуктун көңүлүн көбүрөөк бурбайт жана жабыр тарткандарга жардам бербейт. Тескерисинче, терс натыйжага алып келет.

Мисал: Зомбулукта жашаган аял башка аялды өлүмгө же олуттуу физикалык зыянга алып келген зомбулук окуясын көрөт, же окуйт. Анан ал туш келди сүрөттү же кандуу бычак/чоң түйүлгөн муштум тартылган сүрөттү көрүп, мындай чечим кабыл алат: «Менин күйөөм азырынча анчалык коркунучтуу эмес... анткени ал азырынча мындай ырайымсыз физикалык агрессияны көрсөтпөйт, тек гана азап тарттырып жатат».

Журналисттер адам ур-токмокко алынып өлтүрүлгөндө, сөөктөрү сынып, оор жаракат алып же майып болуп калганда гана чыныгы зомбулук деген миф менен күрөшүүсү керек. Зомбулуктун ар кандай формада (сексуалдык, физикалык, психологиялык жана экономикалык) пайда болоорун жана ал билинбей, сүйүү жана камкордук катары жашырылышы мүмкүн экенин, бирок бул аны ого бетер кооптуу кылаарын белгилей кетүү керек. Журналисттик материалда ар кандай зомбулук кадимки көрүнүш эмес экенин дайыма баса белгилеш керек. Зомбулукту жана мыкаачылыкты көрсөтүүдө ашыкча сенсациядан жана натурализмден алыс болуу керек.

Кантип болбойт? Сүрөт жана видео адамдардын ой-пикирин жана көз карашын калыптандырууга жардам берет. Ошондуктан ар бир кадрды кылдаттык менен ойлонуу керек. Бул жерде уруп-сабоодон жабыр тарткан аялдын сүрөтү тартылган. Жаңылыктардан өзүнүн  көгөрүп шишиген бетин көргөндө кандай сезимде болот деп ойлойсуз?

Кандайча болот? Сүрөт текстти толуктап турушу керек. Башка бирөөнүн жүзүн колдонуудан этият болуу керек. Ошондуктан иллюстрацияларды өзүңүз түзө аласыз. Зордукталган аялдарды көбүнчө баштарын ылдый кылып видеого тартышат. Аларды зомбулуктун күнөөкөрлөрү катары көрсөтпөш керек.

Төмөнкү көрүнүштөр бар сүрөттөрдү колдонбогон дурус: өлүмдүн куралы; кан; өлүктөр жана өлүктөрдүн бөлүктөрү; кан, муштум, салаңдап турган зордукчу, азап тарткан аялды сүрөткө тартуу үчүн атайын жасоону, негизги иллюстрация катары социалдык тармактардагы интимдик сүрөттөр, жабырлануучунун балдарынын, башка туугандарынын сүрөттөрү; жылаңач аялдар; фарш менен эт туурагыч, коркунучтуу куурчактар.

Колдонууга болот: өлтүргөн адамдын жүзү, жабырлануучунун жүзү (жараатсыз), өлтүрүлгөн аял менен аны өлтүргөн адамдын биргелешкен сүрөтү, эгерде жогорудагы тизмеден эч нерсе жок болсо, окуя болгон жер, өлгөн жана/же өлтүргөн адамдын үйүнөн сүрөттөр, күбөлөрдүн, милиция кызматкерлеринин, кошуналарынын, туугандарынын (алардын макулдугу боюнча), коопсуздук кызматынын унааларынын (мамлекеттик номуру жок), аялдарга карата зомбулукка каршы нааразылык акциясынан сүрөттөр, шамдар жана гүлдөр, өлүктү айланта чийилген контурдун сүрөттөрү.

# ПАЙДАЛУУ МААЛЫМАТ:

**Кризистик борборлордун даректери**

https://mlsp.gov.kg/ru/2020/01/13/adresa-i-kontaktnye-telefony-krizisnyh-czentrov-dlya-zhenshhin-po-kyrgyzstanu/

**Гендердик эксперттерге шилтеме**

https://expert-app.hero-datkayim.kg/

# ГЛОССАРИЙ

**Анонимдүүлүк** – (грекче ἀνωνυμία «белгисиз» ἀνώνυμος — «аты жок») — жасаган адамдын аты-жөнү көрсөтүлбөстөн жасалган ар кандай жосун.

**DoubleSwitch чабуулу** - бул ыкма журналисттин/журналистканын аккаунтун бузуп жана/же аны идентификациялоочу маалыматтарды уурдап, андан кийин аны дискредитациялоо үчүн анын аккаунтунан жалган жаңылыктарды таратууну камтыйт.

**Жабырлануучуну айыптоо** (виктимблейминг) – бул кылмыштын, кырсыктын же зомбулуктун ар кандай түрүнүн курмандыгына ..., ага карата жасалган укук бузуу же болгон кырсык үчүн аны күнөөлүү же жарым-жартылай күнөөлүү деп айыптаган көрүнүш.

**Дискриминация** – (латын тилинен discrīminātio – "обочолоо", "айырмалоо") – адамдын укугун жана эркиндигин чектөө же кандайдыр бир белгинин негизинде адамдарга же социалдык топторго ар кандай мамиле кылуу

**Асылуу** - бул ыңгайсыздыкты жаратып же зыян келтирүү менен адамдын жеке жашоосун бузган жүрүм-турум. Мындай жүрүм-турум тике же кыйыр оозеки кордоо же коркутуулар, жаман көрүү менен эскертүү, орой тамашалар же инсинуациялар, керексиз каттар же чалуулар, кемсинткен же шылдыңдаган сүрөттөрдү көрсөтүү, коркутуу, жагымсыз ишараттар, ашыкча тийип кетүү, сылап-сыйлоо, өбүү, чымчуу, чабуу, физикалык кол салуу же башка ушул сыяктуу иштерде болушу мүмкүн.

**Гендер** - бул социалдык жыныс, социалдык жактан аныкталган ролдор, эркектер менен аялдардын идентүүлүгү жана иштөө тармактары, бул биологиялык жыныстык айырмачылыктарга эмес, коомдун социалдык түзүлүшүнө жараша болот.

**Гендердик роль** - бул белгилүү бир коомго жана белгилүү бир тарыхый мезгилге мүнөздүү болгон эркектер менен аялдардын укуктарынын, милдеттеринин жана жүрүм-турум ченемдеринин жыйындысы. Эркек менен аялдын ролу коомдун конкреттүү социалдык-экономикалык, саясий жана маданий өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Гендердик ролдор өздөштүрүлөт жана маданияттын ичинде жана ортосунда ар түрдүү болот. Гендердик ролдор өзгөрүшү мүмкүн.

**Гендердик тең салмактуулук** - бул адамдын эркектерге же аялдарга таандык экендигин аныктоочу мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы, негизинен маданий жана социалдык жактан.

**Гендердик сезимталдык** – жыныстык белгиси боюнча дискриминациянын негизинде жаткан социалдык-маданий факторлорду түшүнүү жана эске алуу.

**Киберкуугунтук** – санариптик технологияларды колдонуу менен коркутуу жана куугунтуктоо. Ал социалдык тармактарда, маалымат жазышчу колдонмолордо, оюн аянтчаларында жана уюлдук телефондордо болушу мүмкүн. Бул куугунтукталгандарды коркутуу, кыжырлантуу же уят кылуу максатында кайталанган эпизоддор.

**Конфиденциалдуулук** – (латынча confidentia – ишеним) – кандайдыр бир маалыматтын ачыкка чыгышына же сыртка чыгып кетишине жол бербөө зарылчылыгы.

**Жыныс**- эркекти аялдан айырмалаган анатомиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрдүн системалуу жыйындысы.

**Патриархалдык аң-сезим** – ага төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр мүнөздүү: 1) коомдук жана үй-бүлөлүк мамилелерде эркек жана аял ролдорун кескин бөлүштүрүү керек деген ишеним; 2) үй-бүлөдө жана коомдо эркек жетектөөчү, активдүү ролдо болуп, ал эми аялга баш ийүүчү, пассивдүү роль тиешелүү деген көз караш; 3) аялдар менен эркектердин жашоодогу баалуулуктары ар башка деген ишеним: үй-бүлө жана сүйүү - аялдар үчүн негизги баалуулуктар; жумуш, эмгек, үй-бүлөдөн тышкары өз максатын ишке ашыруу - эркектердин баалуулуктары; 4) үй-бүлөнүн башчысы жана үй-бүлө бюджетине негизги салымды эркек кошкон үй-бүлөлүк мамилелерге артыкчылык берүү; 5) аялга анын коомдогу негизги ролу катары эненин ролун белгилөө, б.а. бала төрөө жана тарбиялоо менен байланышкан жүрүм-туруму; 6) үй-бүлөдөн тышкары өз мүмкүнчүлүгүн ишке ашырууга, кызматка жана кесиптик жетишкендиктерге багыт алуу басымдуулук кылган аялдын жүрүм-турумун айыптоо; 7) кыздардын жүрүм-турумундагы айырмалоочу өзгөчөлүктөрдү ар тараптан бекемдөө жана өнүктүрүү керек деген ишеним; 8) жыныстар ортосундагы биологиялык айырмачылыктардан улам коомдун патриархалдык модели табигый көрүнүш деп кабыл алуу; 9) аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун айыптоо.

**Адам укуктары** - расасына, өңүнө, жынысына, тилине, динине, улуттук же социалдык тегине же башка аспектилерине карабастан, бардык адамдардын ажырагыс менчиги болуп саналат. Адам укуктары жашоого жана эркиндикке болгон укукту, кулчулуктан жана кыйноодон эркиндикти, ой-пикирин айтуу жана сөз эркиндигин, иштөө жана билим алуу укугун жана башка көптөгөн укуктарды камтыйт. Бул укуктардан эч кандай дискриминация болбостон бардык адамдар пайдаланышы керек.

**Пресс-релиз** - басма сөз үчүн билдирүү; пресс-релизди кандайдыр бир маселе боюнча өзүнүн позициясын билдирүүнү жана жалпыга маалымдоо каражаттарында (ЖМК) жарыялоо үчүн берилген уюм (мүмкүн жеке адам) жөнүндөгү жаңылыкты камтыган маалыматтык билдирүү.

**Репутация** – (французча, латын тилинен reputatio ой чабыты, ой жүгүртүү) белгилүү бир критерийдин негизинде адам, адамдардын тобу же уюм жөнүндө субьекттер тобунун пикири (илимге жакыныраагы-социалдык баалоо).

**Стигматизация** – (stigma – лат.) “белги”, “уят белгиси” дегенди билдирет. Азыркы дүйнөдө бул термин “ярлык”, “белги” деген мааниде колдонулат.

**Сенсация** – кеңири белгилүү болгон адаттан тыш окуя. Дүйнөнүн жана салттуу баалуулуктардын көрүнүшүн өзгөртө ала турган жаңы билимдерди берүү формасы.

**Жараат алуу** – көптөгөн жараат, же саясий жараат, ооруган адамда бир нече жарааттын болушун билдирген түшүнүк...

**Феминизм** (французча feminisme, латын тилинен femina - аял) - аялдар менен эркектердин жарандык укуктарын камсыз кылууда паритетти сактоо боюнча коомдук кыймылдын жалпы аталышын билдирет. Феминизм практикасы жаңы саясий теорияны

– теңчилик теориясын демилгелеген. Москва гендердик изилдөө борборунун глоссарийинде берилген аныктамага ылайык, феминизм бул: 1) аялдардын глобалдык эзилишинин жана алардын эркектерге баш ийүүсүнүн мүнөзү менен байланышкан бүтүндөй теория; 2) аялдарды эркектердин үстөмдүгүнөн жана эксплуатациясынан бошотууга умтулган социалдык-саясий теория жана практика; 3) гендердик-таптык система менен стратегиялык тирешүүнү камтыган коомдук кыймыл жана 4) бардык аялдарды жаман көргөндөр менен диалектикалык карама-каршы турган ар кандай идеология.

Инициатива
«Луч света»
Покончить с насилием
в отношении женщин и девочек

юнисеф
ар бир бала үчүн